«Жарандардын Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусуна катышуусу» окуу материалдарынын топтому

Төртүнчү бөлүк

Ч. Бийалиева, М. Султамбаев, С. Майрамбеков, Н. Добрецова

# Жергиликтүү жамааттын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишмердигине пландуу мониторинг жана үзгүлтүксүз баалоо жүргүзүүсү

Кыргыз Республикасынын элеттик муниципалитеттеринин тажрыйбасына негизделген практикалык окуу китеби

Өнүктүрүү саясат институту
Институт политики развития
Development Policy Institute

Бишкек
2015-ж.

Schweizerische Eidgenossenschaft
Confédération suisse
Confederazione Svizzera
Confederaziun svizra

Embassy of Switzerland in the Kyrgyz Republic
Кыргыз Республикасындагы Швейцариянын Элчилиги
Посольство Швейцарии в Кыргызской Республике

Department for International Development

UKaid
from the British people

**УДК 351/354**
**ББК 67.99(2)1**
**Ш 59**

Ч. Биялиева ж.б.

**Ш59** Жергиликтүү жамааттын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишмердигине пландуу мониторинг жана үзгүлтүксүз баалоо жүргүзүүсү / Практикалык окуу китеби / «Жарандардын Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкарууга катышуусу» окуу материалдарынын топтому. Төртүнчү бөлүк. / Ч. Биялиева, М. Султамбаев, С. Майрамбеков, Н. Добрецова. – Б.: Өнүктүрүү саясат институту, 2015. – 40 б.

Бул окуу китеби жергиликтүү маанидеги маселелерди өз кызыкчылыктарында жана өз жоопкерчилиги менен өз алдынча чечүүсүнүн Конституция менен кепилденген укугун ишке ашырууга умтулган жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына жана жергиликтүү жамааттардын жигердүү өкүлдөрүнө арналган «**Жарандардын Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусуна катышуусу**» окуу материалдар топтомунун төртүнчү бөлүгү болуп эсептелет. 2015-жылы топтом Кыргыз Республикасынын элеттик муниципалитеттеринин тажрыйбасына негизделген беш практикалык жана методикалык окуу китептеринен турат жана алар төмөнкү маселелерге арналган: 1) жергиликтүү маанидеги маселелер боюнча чечим кабыл алуу процессинде жергиликтүү жамааттардын артыкчылыктарын эсепке алуу; 2) жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү боюнча жергиликтүү жамааттардын жана ЖӨБ органдарынын биргелешкен аракеттерин пландоо; 3) коомдук иш-чаралар (чогулуштар, жыйындар жана коомдук угуулар) жарандардын жергиликтүү өз алдынча башкарууга катышуусунун формасы катары; **4) жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишине жергиликтүү жамааттын пландуу мониторинг жүргүзүп, үзгүлтүксүз баа берип турууcу;** 5) жарандардын жергиликтүү өз алдынча башкаруунун бюджеттик процессине катышуусунун аспабы катары бюджет айкындуулугунун муниципалдык индекси. Топтом кийинки жылдары жаңы окуу практикалык материалдар менен толукталып калышы ыктымал.

*Бул окуу китеби мониторинг жана баалоо процессин конкреттүү долбоордун турмуштук циклинин бир бөлүгү катары караган «долбоордук» мамиледен айырмаланып, биргелешкен мониторинг жана баалоону жарандар менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын үзгүлтүксүз, пландуу, туруктуу биргелешкен ишмердиги катары караштырат. Долбоордук циклдин алкагында мониторингдин жана баалоонун маанисин четке какпастан, окуу китебинин авторлору процессти жарандар жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен биргеликте аткарган функциялардын деңгээлине көтөрүү менен, биргелешкен мониторинг жана баалоого туруктуу иш мүнөзүн берүүнү сунушташат. Окуу китеби Жалал-Абад менен Ысык-Көл облустарындагы муниципалитеттердин биргелешкен мониторинг жана баалоо топторунун практикалык тажрыйбасына таянат жана башка муниципалитеттерде ушундай топторду түзүү жана уюштуруу методикасын сунуштайт. Окуу китеби мониторинг жана баалоо процессинде жарандардын, ЖӨБдүн аткаруучу жана өкүлчүлүктүү органдарынын ролун сүрөттөп келип, мониторингдин жана баалоонун жыйынтыктарын ЖӨБ органдарынын жаңы чечимдеринде ишке ашыруу боюнча кеңештерди берет. Практикалык окуу китеби жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына, жергиликтүү жамааттын жигердүү мүчөлөрүнө, жарандык коом уюмдарына, эл аралык донордук жардам көрсөтүү долбоорлоруна, изилдөөчүлөргө жана окутуучуларга даректелет. Окуу китеби элеттик муниципалитеттердин тажрыйбасына таянганына карабастан ал Кыргыз Республикасынын чакан шаарларында да ийгиликтүү колдонулса болот.*

**Бул окуу китеби Өнүктүрүү саясат институтунун буюртмасы боюнча аткарылган гендердик экспертизадан өткөрүлдү жана аны гендердик эксперт Жаңыл АБДЫЛДАБЕК кызы жүргүздү.**

**Окуу китебин кыргыз тилине которгон Зейнеп АЛТЫМЫШОВА.**

**Бул басылма Швейцария өкмөтү менен Британиянын Эл аралык өнүктүрүү боюнча министрлиги кызматташтыкта каржылаган жана Өнүктүрүү саясат институту ишке ашырган «Элдин үнү жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс» Долбоорунун финансылык колдоосу алдында чыкты.**

**Басылмадагы ой-пикирлер, тыянактар, корутундулар жана сунуштамалар авторлордун позициясына жана тажрыйбасына таянат, бирок сөзсүз эле Швейцария өкмөтүнүн, Британиянын Эл аралык өнүктүрүү боюнча министрлигинин көз карашын чагылдыра бербейт.**

**Ш 59** © Ч. Биялиева, М. Султамбаев, С. Майрамбеков, Н. Добрецова
© Өнүктүрүү саясат институту, 2015

Бардык укуктар корголгон. Бул окуу китебин, же анын кайсы бир бөлүгүн ар кандай формада жана түрдүү электрондук же механикалык каражаттар менен, анын ичинде фотокөчүрүү, үн жаздыруу, сактап калчу түзүлүштөр жана маалымат издөө системасы аркылуу жайылткан учурда анын укук ээсине электрондук дарек боюнча кайрылууңузду өтүнөбүз:
№Dobretsova@dpi.kg, Office@dpi.kg

# Мазмуну

**Окуу китеби тууралуу** 4

**Кыскартуулардын тизмеси** 5

**Ыраазычылык** 5

**I. Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун укуктук негиздери жана мониторинг менен баалоонун катышуучулары** 6

**II. ЖЁБ органдарынын ишине пландуу мониторинг жүргүзүү жана үзгүлтүксүз баалоо системасы** 8

2.1. МжБ процессинде айыл өкмөтүнүн ролу 9

2.2. МжБ процессинде айылдык кеңештин ролу 9

2.3. Көзөмөл тарапка «ооп кетүү» тобокелчиликтери жана жаңжал потенциалы 10

2.4. Үзгүлтүксүз биргелешкен мониторинг жана баалоону түзүп, аны колдош керектигине айыл өкмөт башчысын жана айылдык кеңешти кантип ынандырса болот? 11

2.5. Биргелешкен мониторинг жана баалоо тобунун мүчөлөрүнүн мотивациясы 14

**III. Айылдык аймакта биргелешкен мониторинг жана баалоо процессин уюштуруу** 16

3.1. БМжБ тобун түзүү 16

3.1.1. Жамаат жана бардык кызыкдар адамдар үчүн маалымат өнөктүгү 16

3.1.2. Биргелешкен мониторинг жана баалоо тобунун талапкерлерин, курамын жана жетекчисин тандап алуу 16

3.1.3. Биргелешкен мониторинг жана баалоо тобунун курамы 17

3.1.4. Биргелешкен мониторинг жана баалоо тобу эмнелерге мониторинг жүргүзүп, жана баалайт? 17

3.1.5. Бюджеттик процесске мониторинг жүргүзүү жана баалоо биргелешкен мониторинг жана баалоо тобунун маанилүү милдеттеринин бири катары 18

3.1.6. Биргелешкен мониторинг жана баалоо тобунун укуктары жана милдеттери 19

3.2. Биргелешкен мониторинг жана баалоо тобунун ишин пландоо 20

3.2.1. Биргелешкен мониторинг жана баалоо тобунун иш планы 20

3.2.2. Индикаторлорду аныктоо 21

3.2.3. Маалымат чогултуу усулдары 23

3.2.4. Маалымат чогултуунун мезгилдүүлүгү жана графиги 25

3.3. БМжБ процессин документтештирүү 25

**Корутунду** 26

**Тиркемелер** 27

1-тиркеме. Терек-Сайда ар бир сомдун эсебин билишет 27

2-тиркеме. Кимдин чөбү жашылыраак? Кызмат көрсөтүүгө жүргүзүлгөн мониторингдин жыйынтыктары 28

3-тиркеме. Бостери айылдык аймагында БМжБ тобу жана Бюджет айкындуулугунун муниципалдык индекси 31

4-тиркеме. Артыкчылыктуу көйгөйлөрдү чечүү боюнча жамаат менен ЖӨБ органдарынын Биргелешкен аракеттер планын ишке ашыруусуна жүргүзүлгөн мониторинг тууралуу БМжБ тобунун отчетунун форматы 32

5-тиркеме. Маалымат керегелеринде орун алган маалыматка мониторинг жүргүзүү тууралуу БМжБ тобунун отчетунун форматы 33

6-тиркеме. Гранттык долбоорду ишке ашыруу тууралуу БМжБ тобунун отчетунун форматы 34

7-тиркеме. Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун деңгээлинде чогултулган типтүү индикаторлор 35

8-тиркеме. Ысык-Көл облусунун Ак-Суу районундагы Октябрь айылдык аймагынын «Бактылуу балалык» долбоору (Эки айыл үчүн бала бакчанын толук кандуу иштешине шарттарды түзүп берүү) боюнча биргелешкен мониторинг жана баалоо планынын мисалы 36

9-тиркеме. Биргелешкен мониторинг жана баалоо тобунун ишинин жыйынтыгы боюнча актынын мисалы 37

10-тиркеме. Окуу китебине тиркелген дискте жазылган электрондук документтердин тизмеси 38

# Окуу китеби тууралуу

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу Кыргыз Республикасындагы негизги аймактык-административдик бирдиктин – муниципалитеттин аймагындагы турмуш тиричилик маселелерин (жергиликтүү маанидеги маселелерди) чечүү үчүн жооп берет. Ошону менен бирге Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык, жергиликтүү өз алдынча башкаруу – жергиликтүү жамааттардын жергиликтүү маанидеги маселелерди өз кызыкчылыктарында жана өз жоопкерчилиги менен өз алдынча чечүү укугу жана чыныгы мүмкүнчүлүгү[1].

Бул аныктамада мониторинг жана баалоого карата «өз кызыкчылыктарында» жана «өз жоопкерчилиги менен» дегендерди өзөктүк сөз катары эсептесе болот. Өз кызыкчылыктарын сактап, өз жоопкерчилигинин даражасын баамдай билүү үчүн жергиликтүү жамааттар жарандык катышуунун принциптери менен камсыздалган жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө гана катышпастан, ошону менен бирге алардын аткарылышына туруктуу көз салып, жыйынтыктарына баа берип туруш керек. Бул – жергиликтүү өз алдынча башкаруунун деңгээлинде мониторинг жана баалоо процесси жана бул процессте бир эле учурда кызыкдар жана башкы каарман катары жергиликтүү жамаат аталыш керек.

Ошол эле кезде бүтүндөй жамаат МжБ процессин жүргүзүүгө жөндөмсүз – ар кимдин өз түйшүгү бар жана ЖӨБ органдарынын ишине көз салууга жеке убактысын баары эле корото бергиси келбейт. Экинчи жагынан жергиликтүү өз алдынча башкаруу органына өзүн көзөмөл объекти, МжБнын объекти катары сезүү дайыма эле жага бербейт. Процесстин өзү так белгиленген эмес, тараптардын баары эле МжБ процессинин максаттарын жана өзүнүн катышуусун толук түшүнбөшү мүмкүн. Мунун баары муниципалитеттер деңгээлинде МжБ жыйынтыктары көп учурда ЖӨБ органдары үчүн эмес, донорлор үчүн даярдалган «долбоордук» отчеттор бойдон гана калышына алып келүүдө.

Бул мониторинг жана баалоо түшүнүгүнүн өзүн жергиликтүү өз алдынча башкаруунун жашоосуна эл аралык донордук уюмдардын алып келишине байланыштуу болду. Ошол уюмдар жергиликтүү жамааттан долбоордун ишке ашырылышын көзөмөлдөөнү жана алардын жыйынтыктарына баа берүүнү талап кылышкан. Бул процессте өзгөчө ролду Жамааттарды өнүктүрүү жана инвестициялоо агенттиги (ЖӨИА) ойноду. Ал БМжБ топторун түзүү практикасын Кыргызстандын бардык аймагында жайылтты. ЖӨИАнын бул багыттагы аракеттерине баа бериш керек. Агенттиктин коомдук мониторингди жайылтуу боюнча кеңири масштабдагы иштеринин натыйжасында бүгүнкү күндө Кыргызстанда БМжБ топтору тууралуу укпаган айыл жок. Ал эми миңдеген адамдар мындай топторго өздөрү да катышып калган.

Анткен менен мезгил жамааттан жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынан МжБ процессине жаңычыл көз караш менен кароону талап кылууда. Себеби «ЖӨИА форматындагы» БМжБ топторун жайылтуунун ийгиликтүү болгонун таануу менен келечекке да көз чаптырып, биргелешкен мониторинг жана баалоонун максаттарын жана милдеттерин жергиликтүү өз алдынча башкаруу менен жалпысынан жамааттын өз ара мамилелеринин алкагынан алып, баамдай билиш керек. ЖӨИАнын БМжБ топтору конкреттүү, адатта кыска мөөнөттүү долбоорлордун жыйынтыктарына мониторинг жүргүзүп, баалоого багытталган. Ал эми бул топтордун ишмердигинин жыйынтыктарын адатта агенттик өзү гана колдонот. Ошону менен бирге ЖӨБ органдары бул топтордун ишин дайыма эле түшүнө бербейт жана адекваттуу кабыл албай деле коёт. Себеби ЖӨБ органдарынын өздөрү БМжБ топторун жана алардын активдүүлүгүн муниципалитеттин жашоосунун ажыратылгыс бөлүгү катары эмес, инвестициялык долбоордун кандайдыр бир «тиркемеси» катары кабыл алат. Бул жерде «долбоордук мамиле» принциби иштеп кетүүдө. Мында жарандык катышуу көбүрөөк таасирдүү кызыкдар тарап (көп учурда донор) белгилеген чөйрөдө жана ошол форма боюнча маалымат берүү жана чогултуу менен чектелип калат[2]. Мындай мамиле БМжБ топторун түзүүнү талап кылган башка дагы көптөгөн донордук жардам долбоорлоруна карата байкалат. Ошондуктан бүгүнкү күндө элеттик муниципалитеттердин деңгээлинде коомдук мониторинг жана баалоо процесси фрагментардык мүнөзгө ээ болуп, анын жыйынтыктары адатта чечим кабыл алуу процессинде эсепке алынбай калууда.

Ал эми ал арада жергиликтүү өз алдынча башкаруунун деңгээлинде же жарандардын өз күчү, же жигердүү катышуусу менен жүзөгө ашырылган коомдук мониторинг жана баалоо процесси мурда эле өзүнчө долбоор болуп, туруктуу, үзгүлтүксүз процесске айланыш керек болчу. Ал жарандардын жергиликтүү өз алдынча башкарууга катышуусунун бардык циклинин жалганма бөлүгүнө айланууга тийиш эле. Жалал-Абад жана Ысык-Көл облустарынын элеттик муниципалитеттеринде түзүлгөн[3] БМжБ топторунун иш практикасына негизделген бул окуу китеби төмөнкү суроолорго жооп берет: БМжБ процессинде ЖӨБдүн өкүлчүлүктүү жана аткаруучу органдарынын ролу кандай, БМжБ топтору кантип түзүлөт жана алардын ишин кантип уюштуруу керек, МжБ жыйынтыктары ЖӨБ органдары кабыл алган чечимдерге кандайча таасирин тийгизет?

Мисал катары келтирилип, окуу китебине кирген БМжБ топторунун иши тууралуу практикадагы окуялар коомдук мониторинг жана баалоонун жергиликтүү жамааттын өнүгүүсүнө кошкон реалдуу салымын, сезилерлик таасирин тастыктап турат. Аталган БМжБ топтору менен иш алып барууда «долбоордук» усул

[1] Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 110-беренеси.
[2] №21 Праксис документи: Практикадагы Биргелешкен Мониторинг жана Баалоо © INTRAC 2008
[3] Иштерди 2011 – 2014-жылдары Швецария Өкмөтү жана Британиянын Эл аралык кызматташтык боюнча министрлиги каржылаган "Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс" Долбоорунун I фазасынын алкагында Өнүктүрүү саясат институту жүргүзгөн.

эмес, жергиликтүү жамаат тарабынан ЖӨБ органдарынын ишине туруктуу мониторинг жана баалоо принциби колдонулганы бул окуу куралынын өзгөчөлүгүн түзөт.

# Ыраазычылык

***Өнүктүрүү саясат институту (ӨСИ) жана ушул окуу китебинин авторлору темаларды иштеп чыгууга, усулдардын практикалык апробациясына, маалыматтарды чогултуп берүүгө кошкон салымы үчүн ӨСИнин кызматкерлери жана эксперттери Назира ТЮЛЮНДИЕВАга, Бектурган ОРОЗБАЕВга, Танат ОСМОНКУЛОВго, Алтынай БУЗУРМАНКУЛОВАга, ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун жетекчиси Бекболот БЕКИЕВге, жана анын орун басары Сабина ГРАДВАЛЬга, ошондой эле 2012-жылдан 2015-жылга чейинки мезгил аралыгында өз муниципалитеттеринде жарандардын жергиликтүү өз алдынча башкарууга катышуусунун принциптерин жана усулдарын интенсивдүү жана чыгармачылык менен жайылтууга катышып келген Кыргыз Республикасынын Жалал-Абад жана Ысык-Көл облустарынын айылдык аймактарынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына жана жергиликтүү жамааттарына терең ыраазычылыгын билдирет.***

# Кыскартуулардын тизмеси

**АА –** айылдык аймак – административдик-аймактык бирдик, анын чегинде жергиликтүү жамаат жергиликтүү өз алдынча башкарууну жүзөгө ашырат. Шаар, айылдык аймак бир же андан ашык калктуу конуштардан турушу мүмкүн.

**СПА –** суу пайдалануучулар ассоциациялары (сугат суу).

**АК –** айылдык кеңеш – Кыргыз Республикасынын элеттик муниципалитеттериндеги жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органы.

**АӨ –** айыл өкмөтү – Кыргыз Республикасынын элеттик муниципалитеттериндеги жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органы.

**ЖӨИА –** Жамааттарды өнүктүрүү жана инвестициялоо агенттиги.

**ЖӨБЭММА –** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери жана этникалык мамилелер боюнча мамлекеттик агенттик.

**КММ –** күйүүчү-майлоочу материалдар.

**БМжБТ –** биргелешкен мониторинг жана баалоо топтору.

**АЖМФ –** Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фонду.

**ЖарК –** Жарандык катышуу (коомчулуктун катышуусу).

**ЖК –** Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши (парламент).

**ӨСИ –** Өнүктүрүү саясат институту.

**ОМТ –** окуу материалдарынын топтому.

**МжБ –** мониторинг жана баалоо.

**ЖерК –** жергиликтүү кеңеш.

**ЖӨБ –** жергиликтүү өз алдынча башкаруу.

**БӨУ –** бейөкмөт уюм.

**ЖКУ –** жарандык коом уюмдары.

**ЭҮЖӨБОЖ долбоору –** Швейцария Өкмөтү Британиянын Эл аралык өнүктүрүү боюнча министрлиги менен кызматташтыкта каржылаган жана Өнүктүрүү саясат институту 2011-жылдан 2020-жылга чейинки мезгил аралыгында Кыргыз Республикасынын аймагында ишке ашырып жаткан “Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс” долбоору.

**БАП –** Биргелешкен аракеттер планы.

**ЭСК –** элеттик саламаттык комитети, жамааттык уюм.

**БМжБ –** биргелешкен мониторинг жана баалоо.

**ТСПАКБ –** таза суу пайдалануучулардын айылдык коомдук бирикмеси.

**ФАП –** фельдшердик-акушердик пункт.

# I. Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун укуктук негиздери жана мониторинг менен баалоонун катышуучулары

Эмесе, Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык, жергиликтүү өз алдынча башкаруу - жергиликтүү жамааттын жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө багытталган өз кызыкчылыктарындагы жана өз жоопкерчилигиндеги өз алдынча иш аракеттери[1]. Ошондуктан биргелешкен мониторинг жана баалоо үчүн башкы укуктук негизди Конституция берет.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу айылдык аймактын өкүлчүлүктүү жана аткаруу органдары аркылуу, ошондой эле жарандардын тикелей катышуу жолу менен айылдык жамааттар тарабынан жүзөгө ашырылат.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын тутумун төмөнкүлөр түзөт:

- айылдык кеңештер – жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органдары;
- айыл өкмөтү - жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органдары.

Мындан улам мониторинг жана баалоо процессинин катышуучусу, ошондой эле анын жыйынтыктарынын керектөөчүсү болуп төм. эсептелет:

- жарандар жана жарандык коом уюмдары;
- ЖӨБдүн өкүлчүлүктүү органдары – айылдык кеңештер;
- ЖӨБдүн аткаруучу органдары – айыл өкмөтү.

БМжБ процессинде мамлекет да кызыкдар тарап экенин унутпашы керек. Себеби БМжБ топтору ЖӨБ органдарына берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарга мониторинг жүргүзүүгө жана баалоого катыша алат[2]. Мындан тышкары контролдук мамлекеттик органдар ЖӨБ органдарынын ишин текшерүүдө БМжБ топторунун ишинин жыйынтыктарын да колдоно алат.

2014-жылдын январында “Кыргыз Республикасынын айрым мыйзамдык акттыларына толуктоолорду киргизүү жөнүндө” Мыйзам кабыл алынган. Аталган Мыйзам мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары кабыл алган ченемдик укуктук акттыларга, стратегияларга, программаларга, пландарга мониторинг жана баалоо жүргүзүү жолу менен Кыргыз Республикасынын колдонуудагы ченемдик укуктук базасынын эффективдүүлүгүн жана натыйжалуулугун арттыруу максатын көздөйт.

Биргелешкен мониторинг жана баалоонун негизги жоболору ЖӨБЭММА бекиткен жергиликтүү жамааттын Типтүү уставында көрсөтүлгөн. Жергиликтүү жамааттар өз уставын талкуулоо жана кабыл алуу учурунда ошол жоболорду өзгөртүп, толуктай алат. Анткен менен маанилүү элементтерин сактап калуу сунушталат, аларсыз МжБ системасы майнаптуу иштей албай калат.

Типтүү уставдын 27-бөлүгүндө жамааттын биргелешкен мониторинг жана баалоо процессине катышуу укуктары жана мүмкүнчүлүктөрү мындайча баяндалат.

27. Биргелешкен мониторинг жана баалоо

27.1. Биргелешкен мониторинг жана баалоо айылдын артыкчылыктуу маселелерин аныктоо жана чечүү боюнча ачыктыкты, айкындыкты камсыз кылуу жана жергиликтүү жамааттын мүчөлөрүн жергиликтүү коомдук маанилүү чечимдерди кабыл алууга тартуу, ошондой эле жергиликтүү жамааттын, донор уюмдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын айылдык аймактын өнүгүүсүнө чегерилген каражаттарынын натыйжалуулугун жогорулатуу максатында жүзөгө ашырылат.

27.2. Биргелешкен мониторинг жана баалоонун максаттары төмөнкү болуп саналат:

- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын иш-аракеттерине жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатына мониторинг жүргүзүү жана баалоо;
- айылдык аймактын территориясында жергиликтүү жана (же) республикалык бюджеттерден, эл аралык жана башка донор уюмдардын, демөөрчүлөрдүн жана мыйзамдар менен тыюу салынбаган башка булактардан каржыланчу жергиликтүү демилгелерди/долбоорлорду/программаларды иш жүзүнө ашыруу натыйжаларына мониторинг жүргүзүү жана баалоо;
- жергиликтүү демилгелерди/долбоорлорду/программаларды ишке ашыруу процессин, ошондой эле муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу боюнча сунуштамаларды иштеп чыгуу;
- этникалык жаңжалдарды алдын алуу жана болтурбоо максатында айылдык аймактын чегинде этникалык мамилелерге мониторинг жүргүзүү.

27.3. Жогоруда көрсөтүлгөн милдеттерди аткаруу үчүн айылдык кеңеш биргелешкен мониторинг жана баа-

[1] “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө” КР Мыйзамы

[2] 2015-жыл бою Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн атынан мамлекет өз ыйгарым укуктарын ЖӨБ органдарына берүүнүн жол-жоболорунун үстүнөн иштейт. Буга ошол ыйгарым укуктардын аткарылышына мониторинг жүргүзүү маселелери кошулат. Анын ичинде мониторингди жергиликтүү жамааттын катышуусу менен жүргүзүү маселеси да бар.

лоо боюнча жумушчу топ түзүүгө укуктуу. Айылдык кеңеш ушул Уставдын 27.2.-пунктунда каралган маселелер боюнча биргелешкен мониторинг жана баалоо боюнча кошумча жумушчу топторду түзүүгө укуктуу. Биргелешкен мониторинг жана баалоо боюнча топтордун ишин жүзөгө ашыруу тартибин айылдык кеңеш аныктайт.

27.4. Биргелешкен мониторинг жана баалоо боюнча топтун курамына айылдык кеңештин депутаттары, демилгелүү топтордун, коммерциялык эмес уюмдардын өкүлдөрү, жергиликтүү жамааттын мүчөлөрү жана жынысы, расасы, тили, майыптуулугу, этноско таандыктыгы, туткан дини, саясий же башка ынанымдары, билими, теги, мүлктүк же башка абалы боюнча басмырлоо мүнөздөгү жагдайларга карабастан башка жактар кирүүгө укуктуу. Топтун курамын айылдык кеңеш бекитет.

27.5. Биргелешкен мониторинг жана баа берүү боюнча топ төмөнкүлөргө мониторинг жүргүзүүгө жана баалоого укуктуу:

- айыл өкмөтүнүн жана анын структуралык бөлүмдөрүнүн, ошондой эле муниципалдык уюмдардын, мекемелердин жана ишканалардын иш-аракеттерин;
- тийиштүү аймактын жергиликтүү жамаатынын жашоо-турмушун камсыздоо боюнча кызмат көрсөткөн коомдук уюмдардын жана бирикмелердин (суу колдонуучулар ассоциацияларын (АВП), таза суу колдонуучулардын айылдык бирикмеси (ТСКАБ ж.б.) иш-аракеттерин;
- айылдык аймактын өнүгүү пландарын (анын ичинде биргелешкен аракеттер пландарын, социалдык-экономикалык өнүгүү пландарын, стратегиялык өнүктүрүү пландарын ж.б.);
- жергиликтүү жана (же) республикалык бюджеттерден, эл аралык жана башка донор уюмдардын, демөөрчүлөрдүн жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен тыюу салынбаган башка булактардан каржыланып ишке ашырылуучу жергиликтүү демилгелердин/долбоорлордун/программалардын ишке ашырылуусун.

27.6. Аталган милдеттерди аткаруу үчүн биргелешкен мониторинг жана баалоо боюнча топ:

- жумуштун планын (графигин) бекитет1;
- сурамжылоолорду (анкеттөөнү) жүргүзөт;
- жерине баруу менен, ишке ашырылган долбоордон көрсөтүлүүчү кызматтарды жана/же пайда алуучулар менен түздөн-түз маектерди жүргүзөт;
- документтерди (анкеталарды, графиктерди, отчетторду, каттоо журналдарын, катышуучулардын тизмесин) талдоону жүзөгө ашырат;
- тиешелүү иш-чараларга (тендер, сатып алуу, демилгелерди/долбоорлорду/программаларды ишке ашыруу) катышат;
- демилгелердин/долбоорлордун/программалардын өз убагында бүткөрүлүшүн жана/же көрсөтүлүүчү кызматтардын сапатын камсыз кылуу үчүн сунуштамаларды берет;
- демилгелерди/долбоорлорду/программаларды аткаруунун жүрүшүндө, кызмат көрсөтүүлөрдө табылган кемчиликтер, ошондой эле өзүнүн аткарган жумуштарынын натыйжалары жөнүндө айыл өкмөтүн, айылдык кеңешти жана жергиликтүү жамаатты өз убагында кабарландырат;
- пландарды ишке ашыруу боюнча, кызмат көрсөтүүнү жакшыртуу боюнча, долбоордун аткарылышынын жүрүшүнө түзөтүү киргизүү боюнча сунуштарды берет.

27.7. Айыл өкмөтү ушул Уставдын 27.1.-27.2-пункттарында көрсөтүлгөн максаттарга жетүүгө жана маселелерди чечүү үчүн өзүнүн компетенциясына кирген маселелер боюнча биргелешкен мониторинг жана баалоо топторун түзүүгө укуктуу[2].

27.8. Биргелешкен мониторинг жана баалоо тобунун иштеринин натыйжалары маалыматтык керегелерге илинет, жарыяларда, жалпыга маалымдоо каражаттарында таратылат, ошондой эле талкуулоо үчүн айылдык чогулуштарга, коомдук угууларга, курултайларга киргизилиши мүмкүн".

Ошентип жергиликтүү жамааттын Уставынын 27-бөлүгүнүн негизинде "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө", 2014-жылдын 15-январында[3] кабыл алынган "Кыргыз Республикасынын айрым мыйзамдык актарына толуктоолорду киргизүү жөнүндө" мыйзамдардын негизинде Биргелешкен мониторинг жана баалоо боюнча туруктуу топтор үзгүлтүксүз мониторинг жүргүзүү үчүн түзүлөт. Жергиликтүү кеңештин бюджеттик комиссиясынын колдоосу менен БМжБ топтору өз ишин мыйзам чегинде жүзөгө ашыра алат.

---

[1] БМжБ топторунун иш графигин жергиликтүү кеңеш менен макулдашып алуу керек. Себеби кеңеш БМжБ жыйынтыктарын алууга кызыкдар тарап болуп эсептелет. Ошондуктан депутаттар баштапкы этабында эле топтун пландары тууралуу жакшы кабардар болгону маанилүү.

[2] Айыл өкмөтү менен жергиликтүү кеңеш окшош маселе боюнча БМжБ топторун түзүп калгандай кырдаал пайда болушу мүмкүн. Мындай учурда курамына жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу жана өкүлчүлүктүү органдардын өкүлдөрүн кошуп, бул эки топтун аракеттерин бириктирүү керек. Эгерде БМжБ тобунун графиги жана иш планы жергиликтүү кеңеш менен да, ЖӨБдүн аткаруучу органы – айыл өкмөтү менен да макулдашылган учурда мындай кырдаал түзүлбөйт.

[3] "Кыргыз Республикасынын айрым мыйзамдык акттыларына толуктоолорду киргизүү жөнүндө" мыйзамды Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши 2014-жылдын 15-январында кабыл алган. Мыйзам мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары кабыл алган ченемдик укуктук акттарга (стратегияларга/программаларга) мониторинг жана баалоо жүргүзүү жолу менен Кыргыз Республикасынын колдонуудагы ченемдик укуктук базасынын эффективдүүлүгүн жана натыйжалуулугун арттыруу максатын көздөйт. Ошону менен катар Кыргыз Республикасынын төм. Мыйзамдарына толуктоолор киргизилген: "Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук акттылары жөнүндө", "Ишкердик ишмердүүлүктү жөнгө салуу боюнча ченемдик укуктук базаны оптималдаштыруу жөнүндө", "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын карамагында болгон маалыматка жеткиликтүүлүк жөнүндө", "Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Регламенти жөнүндө", "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө".

# II. ЖӨБ органдарынын ишине пландуу мониторинг жүргүзүү жана үзгүлтүксүз баалоо системасы

Биргелешкен мониторинг жана баалоо жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана жергиликтүү жамааттын катышуусу менен туруктуу негизде жүргүзүлөт. Бул жергиликтүү өз алдынча башкаруунун деңгээлинде биргелешкен мониторинг жана баалоонун концепциясын түзөт.

Жергиликтүү жамааттын Типтүү уставына ылайык, биргелешкен мониторинг жана баалоонун максаттары төмөнкүлөр болуп эсептелет:

- жергиликтүү деңгээлде коомдук мааниге ээ болгон чечимдерди кабыл алууда айкындуулукту, ачыктыкты жана жамаат мүчөлөрүн тартууну камсыздоо;
- бул айылдын артыкчылыктуу маселелерин жана муктаждыктарын аныктоо жана чечүү;
- бул айылдык аймактын өнүгүүсүнө багытталган жергиликтүү жамааттын, донордук уюмдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын каражаттарын жана ресурстарын пайдалануунун эффективдүүлүгүн жогорулатуу[1].

Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун деңгээлинде мониторинг жүргүзүүнүн жана баалоонун объекттери болуп төмөнкүлөр эсептелиш керек:

- ЖӨБдүн аткаруучу органдарынын иши жана ЖӨБ органдарынын кызмат көрсөтүүлөрүнүн сапаты;
- бардык ресурстарды эске алуу менен, каржылоо булактарына карабастан айылдык аймактын территориясында аткарылган жергиликтүү демилгелерди, долбоорлорду, программаларды ишке ашыруунун жыйынтыктары;
- этностор аралык жаңжалдарды алдын алуу жана болтурбоо максатында айылдык аймактын чегинде этностор аралык мамилелерге мониторинг жүргүзүү;
- жергиликтүү жамаат үчүн мааниге ээ болгон бардык социалдык көйгөйлөр.

Биргелешкен мониторинг жана баалоо жүргүзүүнүн маанилүү себеби – бул жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, айылдык кеңештин, коомдук уюмдардын жана айылдык аймактын жамаатынын өзүнүн бардык ишинде отчеттуулук жана айкындуулук. БМжБ процесси аткарган стратегиялык тапшырмалардын бири – калктын ЖӨБ органдарына болгон ишенимин жогорулатуу, ЖӨБ органдарынын ишинде эмне ишке ашып, ал эми эмнелер болбой жатканы тууралуу маалымат берүү; жалпы максатка жетүү үчүн кызматташуунун жана биргелешкен иштин кандай түрлөрү зарыл болуп, кандай жардам керектигин маалымдоо.

Биргелешкен мониторинг жана баалоо процессинде жамааттар жана ЖӨБ органдары чече турган дагы бир катар стратегиялык жана тактикалык тапшырмалар бар. Алар:

- элеттик айылдык аймактын аткаруу органы көрсөткөн кызматтардын жеткиликтүүлүгүн жана сапатын баалоо үчүн;
- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, коомдук уюмдардын жана жамааттын өзүнүн жоопкерчилигин арттыруу үчүн;
- ЖӨБ органдарынын КР мыйзамдары[2] менен жүктөлгөн милдеттемелерди жана жергиликтүү пландардын жыйынтыктарын аткаруусу, улуттук, аймактык жана секторлор аралык өнүгүү программаларын[3] ишке ашыруу үчүн.
- айылдык аймактын, ар бир айылдын, ар бир элеттиктин көйгөйлөрүн, муктаждыктарын реалдуу аныктоо, ошол кемчиликтерди четтетүү;
- бюджет айкындуулугунун муниципалдык индексин эсепке алуу менен, айылдык аймактын бюджетин пландоодо жана ишке ашырууда айкындуулук;
- калктын реалдуу муктаждыктарын эсепке алуу менен жергиликтүү аймактык өнүгүү пландарын ийгиликтүү пландоо жана ишке ашырууну баалоо үчүн;
- айылдык аймактын ресурстарын акыйкат жана эффективдүү бөлүштүрүү;
- түрдүү донорлор тарабынан ишке ашырылган тигил же бул чакан долбоорлордун жыйынтыктарына мониторинг жана баалоо жүргүзүү;
- айылдык аймакта өткөрүлгөн бардык иш-чаралардын ачыктыгын, айкындуулугун жана отчеттуулугун камсыздоо;
- этникалык мамилелерге жана структурасына жараша жамааттагы башка көйгөйлүү зоналарга мониторинг жүргүзүү.

---

[1] Жергиликтүү жамааттын Уставы (типтүү) http://vap.kg/ru/activities/legislation/

[2] Мисалы: "Эркектер жана аялдар үчүн тең укуктардын жана тең мүмкүнчүлүктөрдүн мамлекеттик кепилдиктери жөнүндө" Мыйзамдын 27-беренеси, "Үй-бүлөдөгү зомбулуктан социалдык-укуктук коргоо жөнүндө" Мыйзамдын нормасы

[3] Мисалы: Кыргыз Республикасынжа гендердик теңдикке жетүү боюнча аракеттердин улуттук планын ишке ашыруунун жергиликтүү пландары




***1-схема. Айылдык аймактын биргелешкен мониторинг жана баалоо системасы***

## 2.1. МжБ процессинде айыл өкмөтүнүн ролу

Айыл өкмөтү (АӨ) өзүнүн ишинде айылдык кеңешке отчет берип турат жана айылдык кеңештин депутаттарына өзүнүн ыйгарым укуктарын жүзөгө ашырууда, айылдык кеңештин сессиясына, айылдык кеңештин туруктуу (убактылуу) комиссияларынын отурумдарына даярдык көрүүгө жана өткөрүүгө, ошондой эле шайлоочулар алдында отчетторду даярдоого көмөк көрсөтөт. Ал эми берилген мамлекеттик ыйгарым укуктар боюнча тиешелүү мамлекеттик органдарга отчет берип турат.

Буга байланыштуу, жергиликтүү жамааттын Уставынын 27.1-27.2-пункттарында каралган максаттарга жетүү жана милдеттерди аткаруу үчүн айыл өкмөтү БМжБ топторун түзүүгө укуктуу. Анткен менен, биз биргелешкен мониторинг жана баалоо тууралуу сөз кылып жатканда, АӨнүн чечими менен түзүлгөн топко жамааттын өкүлдөрү, тагыраак айтканда кызмат көрсөтүүлөргө мониторинг жүргүзө турган топтордун жана жамааттагы катмарлардын өкүлдөрү кириш керек. Демилгени жергиликтүү кеңеш же жамаат көтөрүп чыкканы максатка ылайыктуу болмок. Бирок чечим кабыл алууда ар бир муниципалитеттин уникалдуу өзгөчөлүктөрүн, жергиликтүү кеңештин активдүүлүк жана даярдык деңгээлин эске алуу зарыл. Ошондой эле айрым бир учурларда айыл өкмөтү БМжБ топторун түзүүдө өз максаттарын көздөшү мүмкүндүгүн, мисалы, жамааттын жана жергиликтүү кеңештин ишенимин кайтарууга аракет жасашы мүмкүн экенин унутпаш керек. Мындай учурда айыл өкмөтү коррупция же мыйзам бузуу фактылары болбогонун далилдеш үчүн БМжБ тобун түзүү демилгесин көтөрө алат. Бирок мындай топ убактылуу мүнөзгө ээ болот – маселе чечилип, же ишеним калыбына келгенден кийин ал милдетин аткарып бүткөн болот. Ал эми андан кийин ишке туруктуу топ киришүүгө тийиш.

БМжБ процессинде АӨ ишинин маанилүү тарабы мониторингдин индикаторлору боюнча сунуштар болуш керек. “Кызмат көрсөтүү жакшы ишке аштыбы же долбоор аткарылдыбы?” деген суроого жооп берген индикаторлордун өздөрүн жергиликтүү кеңеш бекитиш керек. Анткен менен баштапкы сунуштар, индикаторлордун варианттары ЖӨБдүн аткаруучу органдарынан түшүүгө тийиш.

## 2.2. МжБ процессинде айылдык кеңештин ролу

Айылдык кеңештер эч кимдин уруксатын албастан эле жергиликтүү маанидеги маселелерди өз алдынча чечүүгө укугу бар. Өз ишинин натыйжалары үчүн аларды шайлаган эл алдында гана жооп беришет[1].

[1] “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө” КР Мыйзамы

Айылдык кеңеш калк тарабынан жалпысынан ЖӨБнын аткаруу органынын ишине жана ошону менен катар кызмат көрсөтүүгө да баа берүү укугуна ээ болгон негизги жак болуп эсептелет. Ушул кезге чейин БМжБ процесстери жамааттардын деңгээлинде кеңири, бирок башаламан жана анда-санда гана колдонулуп келди. Буга долбоорлордун мөөнөтү боюнча чектелген мониторинг жана баалоо себеп болду.

Жарандык коом уюмдарынын баамында[1], бюджет, кызмат көрсөтүү, ресурстарды башкаруу, аткаруу органынын ишин баалоо өңдүү маанилүү маселелер боюнча айылдык кеңештин чечимдерин кабыл алууда мониторингдин жыйынтыктарын эске алуу механизмин түзүү зарыл.

№1 схемага ылайык, мониторингди институционализациялоодо лидердин ролун өзүнө жергиликтүү кеңештин бюджеттик комиссиясы алыш керек. Бул комиссия туруктуу негизде иштегендиктен жана айылдык аймактын бюджеттик процессине тиешелүү маселелерди колго алгандыктан “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө” мыйзамдын 33-беренесине ылайык, жергиликтүү кеңештин туруктуу комиссиялары:

1) кеңештин кароосуна киргизилүүчү тийиштүү аймактагы экономикалык, социалдык жана улуттук-маданий өнүгүүгө байланышкан маселелерди даярдоого катышат;

2) тиешелүү аймактын социалдык-маданий жана өндүрүштүк инфраструктурасын өнүктүрүү, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун экономикалык негизин чыңдоо боюнча кеңешке сунуштарды киргизет;

3) өзүнүн аймагын экономикалык жактан өнүктүрүүнүн жана бюджеттин пландарынын долбоорлорун, пландардын аткарылышы жана бюджеттин толтурулушу жөнүндө отчетторду алдын ала карайт, алар боюнча өздөрүнүн сын-пикирлерин даярдайт, зарылчылык туулса, аларды кеңешке киргизет;

4) жергиликтүү кеңеш тарабынан кабыл алынган чечимдердин аткарылышына жана уставдын талаптарынын аткарылышы сакталышына контролду ишке ашырат.

Жергиликтүү кеңештин туруктуу комиссиялары өзүнүн карамагына кирген маселелер боюнча жергиликтүү мамлекеттик администрация органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана тиешелүү аймакта жайгашкан ишканалардын, мекемелердин жана уюмдардын жетекчилерин жана адистерин угууга укуктуу.

Ошондуктан биргелешкен мониторинг жана баалоо боюнча туруктуу топту жергиликтүү кеңештин бюджеттик комиссиясынын алдында түзсө болот. Ошону менен бирге мындай топтордун ишинин объектиси болуп жергиликтүү өз алдынча башкаруунун туруктуу “өнүмдөрү” эсептелиш керек – милдеттүү жана кошумча муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр, жергиликтүү маанидеги иштер. Ал эми берилген мамлекеттик ыйгарым укуктардын аткарылышына мониторинг жүргүзүү жана баалоо процессинде маанилүү республикалык сектορлор аралык же тармактык жарандык коом уюмдарын тартуу максатка ылайыктуу болмок.

Жарандар тарабынан жамааттардын деңгээлинде түзүлгөн Биргелешкен мониторинг жана баалоо топтору убактылуу мүнөзгө ээ болушу мүмкүн. Мисалы, жигердүү жашоочу аны кызыктырган объектке мониторинг жүргүзүүгө катышкысы келет дейли, бирок бардык эле жерде жана дайыма эмес; мисалы, 1-класстын окуучусунун ата-энеси күзүндө мектептин ремонтунун сапатына мониторинг жүргүзүүнү каалайт, ал эми фельдшердик-акушердик пунктун ремонту аны кызыктырбашы мүмкүн. Бирок жаш келинге – болочоктогу энеге мектеп азырынча кызык эмес, аны ФАПтын ремонту кызыктырат. Ошол эле кезде жергиликтүү кеңеш жана айыл өкмөтү аткаруучу органдын ишинен жалпы сапатына жана жарандардын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызмат көрсөтүүлөрүнө болгон канааттануу даражасын билүү үчүн БМжБ тобуна көз карандысыз изилдөө же социологиялык сурамжылоо жүргүзүүнү тапшыра алат.

## 2.3. Көзөмөл тарапка «ооп кетүү» тобокелчиликтери жана жаңжал потенциалы

Биргелешкен мониторинг жана баалоо тобун кандайдыр бир контролдук органга айландыруу тобокелчилиги дайыма болорун унутпаңыз. Эгерде жергиликтүү кеңеш колдоо көрсөтсө, БМжБ тобунун мүчөлөрү өзүнө көзөмөл функциясын алып коюшу мүмкүн деген тобокелчилик да бар. Өзгөчө мындай кырдаал кеңеш менен аткаруучу орган ортосунда тирешүү бар болгон аймактар үчүн коoптуу. Ошондуктан БМжБ тобуна кирген жарандар биргелешкен мониторинг жана баалоо процесси турмуш шартты жакшыртууга багытталганын жана алар саясий күрөштүн куралы болбошу керектигин унутпоого тийиш.

Зарыл болгон өз ара түшүнүшүүгө жана кызматташтыкка бир заматта жетүү мүмкүн эместигине даяр болуу керек. Убакыт жана бардык кызыкдар тараптардан мониторинг жана баалоонун максаттарына жана милдеттерине өтө так мамиле талап кылынат. Маал-маалы менен АӨ, АК жана жергиликтүү жамаат ортосунда кээде жаңжалдарга да жеткирген түшүнбөстүк жана кандайдыр бир чыңалуу болуп турат. Мындай учурлар төм. келтирилген бир же бир нече себептерден улам орун алат:

- биргелешкен иштин максатын түшүнбөө же аны кабыл албоо;
- иштердин начар координацияланышы же анын жоктугу;

[1] 2013-жылдын башында ӨСИ Ак ниеттүү башкаруу түйүнүнө кирген жарандык коом уюмдарынын катышуусу менен элеттик ЖӨБдүн деңгээлинде мониторинг жүргүзүү маселелери жаатында эксперттик талкуу уюштурган. Ушул жерде жана мындан ары түйүндүн катышуучуларынын жалпы пикири чагылдырылды. Бул түйүнгө Кыргызстандын көптөгөн маанилүү тармактык бейөкмөт уюмдары кирет.

- маселени чечүүдө ар башка көз караштар;
- ачыктыктын жана айкындуулуктун жетишсиздиги;
- жүрүм-турумдун ар башка стилдери жана айырмалуу турмуштук тажрыйба;
- начар байланыш (ойдогудай, же өз убагында айтылган жок) ж.б.

Мына ушул себептер жөн гана жактырбоого эмес, жаңжалга да жеткириши мүмкүн. Жаңжалдуу кырдаалды кантип жөнгө салса болот? Мындай учурларда ар түрдүү мамилелер жана жүрүм-турум стилдери бар. Мисалы:

- ***оолак болуу –*** жаңжалга жеткирбөө, четке чыга берүү, көйгөйдү чечүүнү кийинкиге калтыруу;
- ***көнүү –*** башка бир адамдын кызыкчылыктарын канааттандыруу үчүн өз кызыкчылыктарын унутта калтыруу;
- ***атаандаштык –*** өз кызыкчылыктарын, же укуктарын башкалардын эсебинен коргоо, жеңишке умтулуу;
- ***мунаса –*** эки тарапты тең кандайдыр бир деңгээлде канааттандырган өз ара алгылыктуу чечимди издөө;
- ***кызматташтык –*** эки тарапты тең толугу менен канааттандырган чечимди иштеп чыгуу;
- ***маселенин маңызын терең талдоо*** жана кошумча чечимди издөө.

Ар бир биргелешкен иш-аракеттин көз карашынан алганда эң мыктысы – кызматташтык. Мындай учурда макул болбогон же жаңжалдашкан жактарды ишке тартуу маанилүү. Ошондо алар өз сунуштарын берип, айрым бир участок же иштин бөлүгү үчүн жоопту болушат. Ошондо алар долбоордун же программанын катышуучусу, "кошо ээлик кылуучусу" болуп, маанисиз тирешүүнүн ордуна конструктивдүү кызматташтыкка өтөт. Буларды унутпаңыз:

- БМжБ тобу көзөмөл органы болуп эсептелбейт, ал ревизия, аудит, көзөмөл жүргүзбөйт;
- БМжБ тобу мониторинг жүргүзөт, жакшыртуу үчүн баа жана сунуштоолорду берет;
- БМжБ тобу укуктук баа бербейт, БМжБ тобунун баалоосу жамааттын кызмат көрсөтүүлөргө жана долбоорлорго карата пикирин билдирүүдө камтылган;
- БМжБ тобунун сунуштары сунуштоочу мүнөзгө ээ жана айылдык кеңеш тарабынан айыл өкмөт башчысынын катышуусунда каралат.

## 2.4. Үзгүлтүксүз биргелешкен мониторинг жана баалоону түзүп, аны колдош керектигине айыл өкмөт башчысын жана айылдык кеңешти кантип ынандырса болот?

Биргелешкен мониторинг жана баалоо тобу айылдык аймактын территориясында жигердүү иштесе, мындан ЖӨБ органдары кандай пайда алат?

Адегенде белгилей кетчү жагдай, топтун "биргелешкен" деп аныкталышы мониторинг жана баалоо жарандардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын биргелешкен аракеттери менен жүргүзүлөрүн билдирет. Мындан улам бул процесске тартылган ар бир тараптын өз максаттары жана кызыкчылыктары бар. Бул максаттарды жана кызыкчылыктарды баамдай албаган чакта эффективдүү мониторинг жана баалоо мүмкүн болбойт, иш жүрүп жаткандай гана элес калат, көңүл калууга жана өз ара нааразычылыкка алып келет.

Ошондуктан БМжБ тобунун ишин уюштуруунун баштапкы этабында жергиликтүү жамаат тараптан да, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тараптан да анын катышуучулары өз максаттарын жана кызыкчылыктарын жакшы түшүнүп турганынан күмөн санабаш керек. Башкача айтканда, БМжБ тобунун бардык катышуучулары "алар эмне үчүн мониторингге жана баалоого катышууда? Бул иштин жыйынтыгында алар жеке өздөрү же кайсы бир кызыкчылыктар тобунун өкүлдөрү катары кандай пайда алат?" деген суроолорго жоопту оңой бергидей болуш керек. БМжБ пайдасы көп болгонуна аткаруу органдын жетекчилигин – айыл өкмөтүн ынандыруу өзгөчө оор болот.

Айыл өкмөтүнүн жетекчилиги жарандардын тобу аларга келип, айылдык аймактын территориясында мониторинг жана баалоо боюнча кандайдыр бир иш-аракеттерди жүргүзүү ниетин билдирген чакта адатта муну кыжырдануу менен кабыл алат. Мында таң калаарлык эч нерсе деле жок, себеби айыл өкмөтүн ансыз деле мамлекеттик органдардын көптөгөн жана дайыма эле жүйөлүү боло бербеген текшерүүлөрү "басып" турат. Мындай учурда кошумча текшерүүчүлөр, анын үстүнө бийлик тарабынан берилген ыйгарым укуктарга ээ болбогондор кимдин гана болбосун кыжырына тиет эмеспи. Ошондуктан өз ара пикир алышууда башчыга жана айыл өкмөтүнүн башка кызматкерлерине ушундай жарандык катышуудан алар өз пайдасын көздөп жатканын ак ниеттүү маанайда түшүндүрүп берүү өтө маанилүү. Бул баарлашуу жеткиликтүү болуп, оңой кабыл алыныш үчүн өзүңүздүн же башка бир айыл өкмөттүн ишиндеги реалдуу практикадан мисалдарды келтирүү зарыл.

**Айыл өкмөтү БМжБ тобу менен кызматташууда алчу пайданы кыскача төмөнкүдөй сүрөттөсө болот.**

- ***Калктын күмөн саноосун жана паракорчулукка шектенүүсүн жеңүү.***
- ***Калк үчүн маанилүү болгон көйгөйлөрдү чечүүдө аракетсиздик жана жөндөмсүздүк бар деген дооматтарды болтурбоо.***
- ***АА башчысынын аракеттерине карата калктын маанайы жана мамилеси тууралуу өз убагында маалымат алуу.***
- ***Прокуратура органдары тарабынан текшерүүлөрдүн санынын азайышы.***
- ***Чоочундардын кийлигишүүсүз жана кошумча аракеттерсиз айылдык кеңештин жана мамлекеттик органдардын алдында БМжБ тобунун отчеттору үчүн кошумча маалыматтарды топтоо жана ага анализ жүргүзүү.***
- ***Өз отчетторуна дагы кошумча ишенимдүүлүк берүү.***
- ***Жамааттын жүйөсүз нааразычылыгын жана көңүл калуусун болтурбоо.***
- ***Кеңеш менен аткаруучу орган ортосундагы жаңжалды болтурбоо.***
- ***Тарифтер жана төлөмдөр жүйөсүз көтөрүлдү деген шектенүүлөрдү болтурбоо.***

Эмесе, айыл өкмөтүнүн БМжБ процессине катышуудан тапчу пайдасына кененирээк, жашоодон алынган мисалдардын жардамы менен карап көрөлү.

***Калктын күмөн саноосун жана паракорчулукка шектенүүсүн жеңүү.*** Кырдаалга тең салмактуу баа берүү үчүн фактtар жетишпей жатканда адамдар эмоцияга алдырып, жаңылышып, апыртып жибериши мүмкүн.  Мониторинг процессинде жарандар айыл өкмөтүнүн карамагында чындап болгон ресурстар тууралуу көбүрөөк маалымат алышат жана ошол ресурстар туура жана максатка ылайык колдонулуп жатканына ынануу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушат.

*МИСАЛ. Донордук уюмдун грантына курулган мектептин ичи өтө суук болуп калды дейли. “Айыл өкмөт башчысы курулуш маалында жылытуучу жабдуулардын кайсы бир бөлүгүн уурдап алды” деген ушак-айың кептер айылда чилдей тарады. Бирок чындыгында айылдык аймакка зарыл болгон материалдарды сатып алуу үчүн акча жетпей калган эле. Эгерде айыл өкмөт башчысы курулуш маалында БМжБ тобу менен жигердүү кызматташса, элде башчынын коррупцияга тиешеси бар деген шектенүү болмок эмес.*

***Калк үчүн маанилүү болгон көйгөйлөрдү чечүүдө аракетсиздик жана жөндөмсүздүк бар деген дооматтарды болтурбоо.*** Бул өзгөчө ЖӨБ органында өтө көйгөйлүү маселелерди чечүү үчүн каражаты жок болгон дотациялык айылдык аймактар үчүн маанилүү. Мындай айылдык аймактарга сырттан бирөө жардам берип калды дейли. Бирок ошону менен бирге аларга АА башчысы кайрылып, демөөрчүлөрдү тапкан да. Ал эми адамдар башчы өзү эч нерсеге жөндөмсүз деп ойлой баштайт.

*МИСАЛ. Айылга бала бакчанын курулушу үчүн акча жетпей жатат дейли. Башчы бир нече ай бою каражат издеп, бул үчүн абдан көп күч жумшап, акыры ошол каражатты облустук өнүктүрүү фондунан табат. Бала бакчанын ачылыш аземинде алкыштын баары ыйгарым укуктуу өкүлгө жана район акимине айтылат. Жарандар бала бакча мына ошолордун демилгеси менен курулуп, бул алардын айылдын өнүгүүсүнө кошкон жеке салымы болду деген ойдо калат. Ошону менен бирге бала бакча начар курулган, бирок күнөөлүүлөр табылбай калды. Эгерде БМжБ тобу башчы каражат издеп, аны тартуу үчүн кандай эмгек кылганын башынан эле билгенде, ошондой эле ошол каражат кантип чыгымдалганына көз салганда мындай жагдай түзүлмөк эмес.*

***АА башчысынын аракеттерине карата калктын маанайы жана мамилеси тууралуу өз убагында маалымат алуу.*** БМжБ тобу үзгүлтүксүз негизде иш алып барыш керек жана ээ болгон маалыматтарын маал-маалы менен айыл өкмөтүнө жеткирип турууга тийиш. Бул болсо жарандардын кызмат көрсөтүүлөргө болгон керектөөсүн мыкты канааттандыруу үчүн иш планына өз убагында түзөтүүлөрдү киргизүүгө жол ачат.

*МИСАЛ, таштанды калкты жүдөтүп, жугуштуу оорулардын саны өстү дейли. Жыл башында өткөн чогулушта элеттиктер башчыга тапшырма беришти – бул маселе чукул арада чечилиш керек, анткени жарандардын саламаттыгы коркунучта. Айыл өкмөтү план иштеп чыгып, атайын техниканы сатып алууга каражат тапты, таштанды чыгаруу боюнча үч маршрутту ишке киргизди. Бирок таштанды чыгаруу иши солгун жүрүүдө. Анткени трактор айдоочусу графикти сактабайт, ошонун өзүндө дооматтардан буйтап өткөндү өздөштүрүп алган. БМжБ тобу кызмат көрсөтүүгө мониторинг жүргүзүп, жылдын ортосунда кырдаал тууралуу ийне-жибине чейин отчет берет. Башчы ишине шалаакы мамиле жасаган трактор айдоочусун иштен кетирүүгө жана анын ордуна жаңысын табууга негиз табат, бул маселени жаңы чогулушка чейин чечип калууга үлгүрөт.*

***Прокуратура органдары тарабынан текшерүүлөрдүн санынын азайышы.*** Прокуратуранын текшерүүсү – ЖӨБ органдары үчүн чыныгы баш оору. Алар өтө көп убакытты алышат жана дээрлик натыйжа бербейт. Ошону менен бирге ар бир айылда нааразычылыгын прокуратурага жазгандан чарчабаган, даттанууну өнөкөт кылгандар да, жөн гана наразы болгон жарандар да бар. Ошентип кайрадан текшерүү “басып” калат. БМжБ тобу жарандар менен байланышта болуп, айыл өкмөтүнүн ишиндеги кемчиликтерди өз убагында аныктап, бул маалыматты башчыга берет жана кырдаалды жөнгө салуу менен жаңы даттанууларды жазбоого шарт түзүшөт. Текшерүүлөрдүн саны бир аз да болсо кыскара түшөт.

*МИСАЛ. БМжБ тобу жарандардын бюджетке карата кат жүзүндөгү кайрылууларына берилген жоопторго мониторинг жүргүзүп, эки кат жоопсуз калганын аныктап чыкты. Бул маалымат башчыга түшүп, ал чукул арада кайрылуунун ээсине жооп даярдоону тапшырды дейли. Жооп өз учурунда келди, анткени айыл өкмөтүнө бюджет тууралуу суроо менен кайрылган жаран бейөкмөт уюмдун лидери болуп чыкты жана ал маалыматка жеткиликтүүлүк жана жарандардын кайрылуулары тууралуу мыйзамдар бузулганын айтып, прокуратурага даттанууга кам көрүп калган эле.*

***Чоочундардын кийлигишүүсүз жана кошумча аракеттерсиз айылдык кеңештин жана мамлекеттик органдардын алдында отчеттор үчүн кошумча маалыматтарды топтоо жана ага анализ жүргүзүү.*** Айыл өкмөтү райондук структуралардан баштап, Жогорку Кеңешке чейинки мамлекеттик органдардан көптөгөн жана ар түрдүү суроо-талаптарга жооп даярдоо менен алектенери жашыруун эмес. Ошону менен бирге айыл өкмөтүнүн кызматкерлеринин колунда зарыл маалымат дайыма эле боло бербейт. БМжБ тобу айыл өкмөтүнө өзгөчө кызмат көрсөтүүлөргө канааттанууну баалоого, реформаларга ж.б. байланыштуу ар түркүн маалыматтарды бере алат.

*МИСАЛ. Район Жогорку Кеңешке отчет берүү үчүн жүргүзүлүп жаткан реформаларга карата калктын мамилеси тууралуу маалыматтарды берүүнү өтүндү дейли. Бирок АӨ аппараты бул багытта эч кандай иш-чараларды өткөргөн эмес. БМжБ тобу элет тургундары арасында сурамжылоо жүргүзүп тургандыктан аларда бул маселе боюнча зарыл болгон маалыматтар бар, же болбосо ал да жетишсиз болуп калса, зарыл болгон сандык жана сапаттык көрсөткүчтөрдүн баарын берүү үчүн жаңы сурамжылоо жүргүзө коюшат.*

***Өз отчетторуна кошумча ишенимдүүлүк берүү.*** Адатта мамлекеттик органдар ЖӨБ органдары берген маалыматтарды укпагандай же ага ишенбегендей түр көрсөтүшөт. Айрым учурларда жагдайды өз пайдасына чечүү үчүн айрым аткаминерлер башчыны кырдаалды жакшы билбейт, калк тарабынан колдоого ээ эмес деп айыптап коюушу мүмкүн. Ошондуктан БМжБ тобу берген маалымат менен тастыкталган отчет мына ушундай мамиле менен күрөшүүгө жардам берет.

*МИСАЛ. Саясий себептерден улам райондук мамлекеттик администрация жетекчиси айылдык кеңештин депутаттарынын колу менен АӨ башчысын кызматтан алууну чечти дейли. Бул үчүн ал кеңештин сессиясына катышып, башчынын дарегине сын сөздөрдү айтат. Ал “калк айыл өкмөттүн ишине нааразы” деп айыптап чыгат. Бул үчүн акимиатка түшкөн арыз-даттанууларды далил катары келтирет. Анткен менен сессияда БМжБ тобу да сөз сүйлөп, тескерисинче, калктын басымдуу бөлүгү АӨнүн ишин колдой турганын, башчыга ишеним көрсөтөрүн ырастайт. Натыйжада депутаттар райондук жетекчиликтин позициясын колдоодон, башчыны кызматтан алуудан баш тартышат.*

***Жамааттын жүйөсүз нааразычылыгын жана көңүл калуусун болтурбоо.*** Жергиликтүү бейформал лидерлер аларды эч ким сыйлабаганын, алардын пикирине кулак салбаганын, же айылдын көйгөйлөрүн жана муктаждыктарын чечүүдө айыл өкмөттүн аракеттери натыйжасыз болгонун айтып келишет. Мунун артынан эле дагы да катаал талаптар, коркутуп-үркүтүүлөр жана кастык аракеттер болушу мүмкүн.

*МИСАЛ. Жерлерди бөлүштүрүү боюнча жаңылыш жана толук эмес маалымат ушак кептерге жем таштап, жамаатта түрдүү кызыкдар тараптар ортосунда жаңжал башталды дейли. Эгерде БМжБ тобу жерлер акыйкат, топтун көзөмөлү алдында бөлүштүрүлгөнүн ырастаган далилдерди келтире алса, БМжБдан айыл өкмөтүнө өз убагында түшкөн маалымат бул жаңжалдын күчөп кетишине жол бербейт.*

***Кеңеш менен аткаруучу орган ортосундагы жаңжалды болтурбоо.*** Кыргызстандын көптөгөн элеттик муниципалитеттеринде жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү жана аткаруучу бутактары ортосунда тирешүүлөр болуп, маал-маалы менен жаңжалдар орун алып келгени жашыруун сыр эмес. Өз ара мамилелердеги жеке жана саясий өңүт жаңжалдын себеби болуп турат. Бирок кээде жаңжалга айылда биринчи кезекте кайсы көйгөйдү чечиш керек деген суроо себепчи болуп калат: АӨ башчысы таштанды маселесин чечүүнү сунуштаса, депутаттар бала бакчаны курууну талап кылат. Мына ушул жаңжалдан жалпысынан жергиликтүү өз алдынча башкаруунун иши аксап, жамааттагы маанай терс жагына өзгөрүп калат.

*МИСАЛ. БМжБ тобу АК менен АӨнүн тапшырмасы боюнча элеттин өзгөчө көйгөйлүү маселелерин жана муктаждыктарын, аларды чечүүнүн жолдорун аныктап, жамааттын пикирин сурап, кайсы ыкмалар эффективдүү жана натыйжалуу болоорун билүү үчүн калк арасында сурамжылоо жүргүзөт. Сурамжылоо жүргүзгөндөн кийин БМжБ тобу анализ жасайт жана отчетту АК менен айыл өкмөткө өткөрөт. ЖӨБ органдары БМжБ тобунун жардамы менен жамааттын күтүүлөрүн карап чыгып, айыл өкмөттү да, айылдык кеңешти да, жамаатты да канааттандырган ыңгайлуу вариантты сунуштайт.*

***Жаңжалдарды жана чечимдер жең ичинен кабыл алынды деген шектенүүлөрдү болтурбоо.*** Адатта ЖӨБ органдарын уруучулдукка айыптап келишет. АӨ башчысы административдик ресурсту колдонуу менен жергиликтүү кеңешке өз уруусунан (партиялашы, жердеши ж.б.) чыккан адамдардын келүүсүн камсыздады деп айыпталат. Өзгөчө бул көрүнүш АӨ башчысы менен депутаттардын көпчүлүгү бир уруудан чыккан, же улуттук азчылыктын өкүлдөрү компакттуу жашаган жерлерде көбүрөөк байкалат.

*МИСАЛ. Жолдордун абалын жакшыртуу маселесин чечүүдө жолдун бетин теңдөө үчүн майда таш себүү максатында жергиликтүү бюджеттен каражат бөлүү тууралуу чечим кабыл алынды дейли. Бирок ошол айылдык аймактагы бардык айылдардын көчөлөрүндө мындай иштерди жасоо үчүн каражат жетишсиз. Эгерде ремонттолчу көчөнү тандап алуу чечими “көшөгө артында” кабыл алынса, анда АӨ башчысы уруулаштары жашаган айылды тандап алды деп айыпталат. Ошондуктан жынысын, жаш курагын жана башка улуттун өкүлдөрүн эске алып түзүлгөн БМжБ тобу айылдардын абалына мониторинг жүргүзүп, кайсы көчөлөрдө биринчи кезекте оңдоо иштерин жүргүзүш керектигин аныктайт.*

***Тарифтердин жана төлөмдөрдүн баасы жүйөсүз көтөрүлгөн деген шектенүүлөрдү болтурбоо.*** Кайсы бир кызмат көрсөтүүнү каржылоо үчүн жергиликтүү өз алдынча башкаруу калктан акча каражаттарын чогултуш керек болот. Бирок калк чогултулчу акча өтө көп деп эсептеп, аны төлөөдөн баш тартат.

*МИСАЛ. Таштанды чыгаруу көйгөйүн чечүү үчүн АӨ гранттык каражатка МТЗ-82 үлгүсүндөгү трактор сатып алды. Анткен менен тракторчунун ишин төлөп, күйүүчү майды сатып алуу үчүн АӨ таштандыга жыйым киргизүүгө мажбур, бул үчүн тарифтик планды иштеп чыгат. Бирок жамаатта суроолор пайда болду: бул тариф кантип эсептелди, тракторго ким ээлик кылат, эмне үчүн ал айылды аптасына эки жолу гана кыдырат? БМжБ тобу тарифти күйүүчү майдын баасы, кошуна аймактардагы баалар менен салыштырып, тракторчунун маянасын, тетиктерди жана күйүүчү майды кошкондо тариф кантип эсептелгенин аныктап чыгат. Ошондой эле топ АӨ бул тракторду өз балансына киргизеби, келечекте ТКЧ түзүү планы барбы, жашоочулар бул кызмат көрсөтүү үчүн акы төлөөгө даярбы жана кандай көлөмдө төлөйт дегенди текшерет. Ошондой эле топ таштанды чыгаруу графиги жарандар үчүн ыңгайлуу болуп-болбогонун баалайт. БМжБ тобунан алынган маалыматка таянуу менен кеңеш чечим кабыл алат, ал чечимди жамаат колдоп берет, ал эми чогултулган төлөмдөр албетте көбөйөт. Калкта нааразылыкка, ушак-айыңдарды чыгарууга себеп болбой калат.*

Жалпысынан БМжБны айылдык аймактын жашоосуна киргизүүнүн башында негизгиси – кызыкдар чөйрөнү түзүү аркылуу АӨ, АК, БМжБТ менен жамаат ортосунда ишенимге жана кызматташтыкка жетүү болуп эсептелет. Кызыкдар чөйрөнү түзүү – бул жамааттын максаттарына жетүү үчүн ушул чөйрөдөгү бардык компоненттерди же кызыкдар адамдарды бирдиктүү системага бириктирүү процесси. Бул болсо бардык кызыкдар жактардын (АӨ, АК, БМжБТ, түрдүү демилгелүү топтор, БӨУ ж.б.) ичинде да, жамааттар жана БМжБ процессине тартылган кайсы бир башка уюмдар ортосунда да өз ара ишеним жана сый-урматка жетүүгө көп убакыт жана көңүл буруу зарыл дегенди түшүндүрөт. Бардык катышуучулар бири-биринин күчтүү жана чабал жактарын түшүнүш керек. Бул жамаат ичинде, жамаат менен башка кызыкдар жактар арасында тажрыйба, көндүм алмашууга алып келет. БМжБ процессине карата жамааттын менчик сезимин өнүктүрүү зарыл. Эгерде биргелешкен мониторинг жана баалоо тобунун ишинин узак мөөнөттүү жыйынтыктары, тышкы колдоосуз эле жүзөгө ашырууда алардын туруктуулугу жана өз алдынчалуулугу тууралуу айта турган болсок, бул жерде жамаатта калыптанышы керек болгон менчик сезими өтө маанилүү. Аны биринчи кезекте жамааттын кызыкчылыктарынын артыкчылыктуусуна реакция жасоо менен калыптандырса болот.

## 2.5. Биргелешкен мониторинг жана баалоо тобунун мүчөлөрүнүн мотивациясы

Өз убактысын коомдук ишти аткарууга сарптаган карапайым жарандардын – БМжБ тобунун катышуучуларын жамаат тарабынан шыктандыруу маселеси татаал бойдон кала берүүдө. Жогоруда биз айрым бир долбоорлорго мониторинг жүргүзгөн БМжБнын убактылуу топтору тууралуу сөз кылдык: мотивациясы бир топ ачык эле көрүнүп турат – долбоор толук көлөмдө натыйжага жетүүсүнө кызыкдар болгон долбоордун болочок “кардарлары” дайыма болуп турат. Мисалы, сөз мектептин ремонту тууралуу жүргөндө дайыма мониторинг жүргүзүүгө жана баалоого катышууну каалаган, кайдыгер карабаган ата-энелер болот. Сугат түйүнүнүн ремонтуна дыйкандар көз салгысы келет. Арыктардын тазаланышын ошол көчөдө жашаган элеттиктер текшерет. Ал эми туруктуу топтор менен иш алып баруу татаалыраак. Бул топтор бир жагынан өз мүчөлөрүнөн көбүрөөк убакытты талап кылса, экинчи жагынан атайын билим керек болот. Мисалы, сурамжылоо кантип жүргүзүлөт, кызмат көрсөтүүнүн жеткиликтүүлүгүн кантип өлчөш керек, маалыматтарга талдоону кантип жүргүзүү зарыл ж.б.

Ошол эле адамдар биргелешкен мониторинг жана баалоо менен жылдар бою бекер эле алектенет деп күтпөш керек. Дал ошондуктан эксперттер БМжБ тобунун тажрыйбасы жана билими жөндөн-жөн кетип калбай, ЖӨБ органдарында БМжБ салттары калыптанып, тажрыйба сакталып, билим башкаларга өткөрүлүп турушу үчүн топторду жергиликтүү кеңештин базасында, кеңештин жигердүү катышуусу менен түзүүнү сунушташат. Мындай жагдайда жергиликтүү бейөкмөт уюмдар менен узак мөөнөттүү өнөктөш мамилелерди түзүү өтө пайдалуу. Алар БМжБ процессин уюштурууда кеңештин туруктуу жардамчылары болуп бере алмак. Анткен менен айылдын карапайым жашоочулары болмоюнча биргелешкен мониторинг

жана баалоону өткөрүү мүмкүн болбойт. Ошондуктан кеңеш БМжБ тобунун катышуучуларын кошумча дагы кантип шыктандырса болорун ойлонуштуруш керек. Мындан улам ААнын Аялдар комитети (аялдар кеңеши) жана Жаштар комитети[1] өңдүү бейөкмөт уюмдарды активдештирүү зарыл. Алардын жетекчилеринин жана активисттеринин жардамы менен 8-март, Мекен коргоочулар күнү, Жаштар күнү, Энелер күнү ж.б. өңдүү иш-чаралар өткөрүлүп турат. Бул адамдар жамаат тарабынан таанылган лидерлер болгонун эсепке алуу менен алардын өкүлдөрүн БМжБ тобунда туруктуу негизде иштөө үчүн чакырса болот. Бул болсо дайыма эле бир адам иштейт дегенди билдирбейт. Бул БМжБ тобунун курамында Аялдар кеңешинин бир өкүлү жана Жаштар кеңешинин бир өкүлү болот дегенди түшүндүрөт.

Ошону менен бирге БМжБ топторунда иштөөнүн негизги принциби акы албай иштөө, коомдук-пайдалуу эмгекти аткаруу ниети эсептелет. Ал эми бул ниет ыраазычылык билдирүүгө жана шыктандырууга татыктуу. Аны төмөнкүчө ишке ашырса болот:

- грамота жана баалуу белектер менен сыйлоо;
- алкыш жарыялоо;
- жамааттын Ардак тактасына илүү;
- жамааттын Ардак китепчесине киргизүү;
- «Айылдын ардактуу жараны» жана «Айылдык аймактын ардактуу жараны» наамын ыйгаруу;
- Кыргыз Республикасынын мамлекеттик сыйлыктары менен сыйлоого көрсөтүү.

Моралдык жана материалдык сыйлоо чараларын колдонуу жергиликтүү жамааттын Уставында каралган төмөнкү тартипте жүргүзүлөт[2]:

- жамааттын мүчөлөрүн сыйлоого көрсөтүү демилгеси айылдын жашоочуларынын чогулушуна, аксакалдар сотторуна, коомдук уюмдарга, аймактык коомдук өз алдынча башкарууларга, айыл башчысына, айыл өкмөтүнүн башчысына, айылдык кеңештин депутаттарына, айылдык кеңештин төрагасына таандык;
- алкыш жарыялоо, баалуу белектер, башка материалдык жана акчалай сыйлыктар менен сыйлоо, грамоталарды тапшыруу жөнүндө чечим айыл өкмөтүнүн башчысы тарабынан кабыл алынат;
- Ардак тактасына илүү, Ардак китепчесине киргизүү, “Айылдын ардактуу жараны”, “Айылдык аймактын ардактуу жараны” наамдарын ыйгаруу, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мамлекеттик сыйлыктары менен сыйлоого көрсөтүү жөнүндө чечим айыл өкмөт башчысынын сунуштамасы боюнча айылдык кеңеш тарабынан кабыл алынат;

«Айылдык аймактын ардактуу жараны» наамы жергиликтүү жамааттын эң жогорку наамы болуп саналат, ал айылдык аймактын өнүгүшүнө өзгөчө салым кошкондугу үчүн айыл кеңешинин чечими менен берилет. Айылдык кеңеш «Айылдык аймактын ардактуу жараны» наамы бар адамдар үчүн атайын жеңилдиктерди, ошондой эле алар үчүн стипендияларды жергиликтүү бюджеттин каражаттарынын чектеринде Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жана башка материалдык сыйлыктарды белгилей алат.

[1] Айрым айылдык аймактарда Жаштардын демилгелүү топтору – ЖДТ бар
[2] Жергиликтүү жамааттын Уставы (типтүү) http://vap.kg/ru/activities/legislation/



# III. Айылдык аймакта биргелешкен мониторинг жана баалоо процессин уюштуруу

## 3.1. БМжБ тобун түзүү

### 3.1.1. Жамааттар жана бардык кызыкдар адамдар үчүн маалымат өнөктүгү

БМжБнын пайдасы, БМжБ тобунун максаттары жана милдеттери тууралуу жамаат жана бардык кызыкдар жактар үчүн маалымат өнөктүгүн алдын ала жакшы жана сапаттуу өткөрүп алуу зарыл.

Маалымдоо үчүн төмөнкүлөр талап кылынат:

- БМжБнын максаттары жана милдеттери боюнча маалыматтык материалдарды иштеп чыгуу жана даярдоо;
- калк, уюмдар, мекемелер, ишканалар, жарандык топтор жана бейөкмөт уюмдар арасында зарыл болгон маалыматты таратуу;
- маалыматты башка мүмкүн болгон каражаттар аркылуу жеткирүү;
- зарыл болгон учурда пресс-релиз чыгарып, жергиликтүү массалык маалымат каражаттарына кабар жеткирүү;
- БМжБ топторун түзүү боюнча жумушчу жолугушуу тууралуу калкка жарыяны жалпы көрчү жерде жайгаштыруу. Анда иш-чара өтчү күн, убактысы жана жери көрсөтүлүүгө тийиш;
- жамааттын өзөктүү адамдарына, жергиликтүү кеңештин депутаттарына, айыл өкмөт аппаратынын бөлүмдөрүнө маалыматты жеке тапшыруу;
- жооптуу депутатты тандап алуу;
- зарыл болгон учурда эксперттерди тартуу;
- жумушчу жолугушуулар үчүн жайды даярдоо.

### 3.1.2. Биргелешкен мониторинг жана баалоо тобуна талапкерлерди, анын курамын жана жетекчисин тандап алуу

Жергиликтүү кеңештин курамынан, мүмкүн болсо бюджеттик комиссиядан, БМжБ тобунун иши үчүн жооптуу депутат тандалып алынат. Ал айылдык аймактын территориясында жана айылдарда БМжБ тобун түзүү тууралуу маалымат өнөктүгүн уюштурат.

*Альтернатива. Эгер процессти расмий жолго түшүрүү зарылчылыгы келип чыкса, анда БМжБ тобун түзүү жергиликтүү кеңеш тарабынан демилгелениши керек. Бул учурда демилгечи депутат БМжБ тобун түзүү маселесин сессияда сунуштайт; сессия туруктуу комиссияга протоколдук негизде тапшырма берет; туруктуу комиссия топту түзүү боюнча иш аракеттерди андан ары алып бара турган жооптуу депутатты бекитет.*

Биринчи кадам маалыматтык керегелерге биргелешкен мониторинг жана баалоо тобунун системасы тууралуу материалдар илиниш керек. Ар бир айылда консультациялык жумушчу жолугушууларды өткөрүп, ага айылдын лидерлерин жана активисттерин, аксакалдарды, саламаттык сактоо жана билим берүү кызматкерлерин, Аялдар кеңешинин, Жаштар комитетинин жана башка БӨУнун, жамааттык уюмдардын, СПА, ТСПАКБ, ишканалардын лидерлерин, ошондой эле жарандык сектордун башка өкүлдөрүн чакырат. Чакырылгандардын курамы жана саны иш-чара өтчү жерге жараша өзгөрүп турат. Консультациялык жолугушуулар эл мүмкүн болушунча көбүрөөк келе турган маалда жана жерде өткөрүлүш керек.

Жооптуу депутат БМжБ тобуна ыктымал талапкерлердин тизмесин элеттин жалпы чогулушунда жамааттын мүчөлөрү сунуштаганына жараша түзөт. Аларды тандоодо ишеним, урмат, чынчылдык, аброю, ак ниеттүүлүк, уюштуруучулук жөндөмдүүлүктөрү өңдүү критерийлер сакталат. БМжБ тобуна жамаат ишеним арткан, ак ниеттүүлүгүнөн күмөн санабаган адамдар кириши керектиги турган иш. Ошол эле кезде бул адамдар коомдук ишти алып кеткидей жигердүү жана тың болуш керек.

Жамааттын мүчөлөрү БМжБ тобунун мүчөлөрүн тандоодо кармана турган критерийлердин толук тизмесин өздөрү иштеп чыгыш керек. Ошондой эле тизменин долбоору жамааттын активдүү мүчөлөрү катышкан фокус-топтордун учурунда иштелип чыгуусу мүмкүн. Ошол эле кезде жооптуу демилгечи-депутат тизменин долбоорун сунуштай алат. БМжБ тобунун курамында туруктуу негизде ААнын Аялдар кеңешинин жана Жаштар комитетинин өкүлдөрү кирет деп аныктап алса болот, ал эми конкреттүү адамдарды аныктоо милдетин ошол уюмдардын өзүнө жүктөгөнгө уруксат берилет. БМжБ тобунун курамын айылдык кеңеш бекитет (алдын ала макулдук жыйын учурунда алынуусу мүмкүн), андан кийин БМжБ тобунун иши үчүн жооптуу депутат топтун алгачкы отурумун уюштурат. Зарыл болгонуна жараша бюджеттик комиссиянын мүчөлөрү БМжБ топторун түзүү боюнча уюштуруу иштеринде жооптуу депутатка жардам берет.

БМжБ тобунун биринчи отурумунда аталган топтун мындан аркы иши үчүн жоопкерчилик БМжБ тобунун шайланган төрагасына өткөрүлүп берилет. БМжБ тобунун мүчөлөрү өз санынан ачык добуш берүүдө өзүнүн жалпы санынан көпчүлүк добуш менен топтун жетекчисин тандап алышат. Жетекчини тандап алуу тууралуу

БМжБ тобунун бардык чечимдери протоколго киргизилет, ага топтун бардык мүчөлөрү кол коёт. Топтун чечимдери көпчүлүк добуш менен кабыл алынат. БМжБ тобунун отурумдары ачык чогулуш формасында өткөрүлөт.

БМжБ тобунун жетекчиси төмөнкүлөргө укуктуу:

- БМжБ тобунун кызыкчылыктарын мамлекеттик органдарда жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында, коммерциялык жана коммерциялык эмес уюмдарда коргоого;
- БМжБ тобунун ишин координациялоого;
- БМжБ тобунун чогулуштарын өткөрүүгө;
- БМжБ тобунун атынан документтерге кол коюуга ж.б.

БМжБ топтору айылдык кеңеш бекиткен учурдан баштап өзүнүн статусун алат.

### 3.1.3. Биргелешкен мониторинг жана баалоо тобунун курамы

БМжБ тобунун курамы төмөнкүлөрдү эсепке алуу менен аныкталат:

- гендердик баланстын сакталышын;
- айылдык аймактын ар бир айылынан өкүлдүн болушун;
- БМжБнын туруктуу топторунда катышуу үчүн коомдун иште тажрыйбанын болушун (конкреттүү долбоор боюнча убактылуу топко катышуу үчүн көйгөйдүн маңызы тууралуу билим болушу керек);
- айылдын артыкчылыктуу маселесин чечүү үчүн акысыз иштөө ниетинин болушу;
- БМжБ тобунун ыңгайлуу саны – 7 (жети) киши, ал эми структурасы мындай боло алат:
- жамааттын 5 өкүлү (аймактагы айылдардын санына жараша көбөйтүлүшү мүмкүн);
- айыл өкмөтүнүн бир өкүлү;
- айылдык кеңештин бир өкүлү.

Биргелешкен мониторинг жана баалоо боюнча топтун курамына демилгелүү топтордун, коммерциялык эмес уюмдардын өкүлдөрү, жергиликтүү жамааттын мүчөлөрү жана башка жактар жынысы, расасы, тили, майыптуулугу, этноско таандыктыгы, туткан дини, саясий же башка ынанымдары, билими, теги, мүлктүк же башка абалы боюнча басмырлоо мүнөздөгү жагдайларга карабастан кирүүгө укуктуу[1].

БМжБ тобунун курамына гендердик теңдик принцибин сактоо менен айылдык аймакка караштуу айылдардын ар биринен сыйлуу бирден өкүлү, айыл өкмөттүн өкүлү (башчы же аппарат кызматкери), айылдык кеңештин депутаты, БӨУ, айыл тургундары, жамааттык типтеги башка топтордун (жамааттар, СКТ ж.б.) өкүлдөрү кирет. БМжБ тобунун курамында ЖӨБО жана АК мүчөлөрү гана болуп калуусуна жол берилбеш керек. БМжБ тобунун курамында жамаат мүчөлөрү (БӨУ, жамаат мүчөлөрү, лидерлер, аксакалдар ж.б.) 51% ашык болуш керек.

БМжБ тобунун мүчөлөрүнүн тизмеси жамааттардагы маалыматтык керегелерде илинет. БМжБ тобунун курамына өзгөрүүлөр боюнча сунуштамаларды топ да, ЖӨБ органдары да бере алат. Бирок алар жергиликтүү кеңештин отурумдарында гана ага депутаттардын 51% кем эмеси катышкан учурда киргизилет.

### 3.1.4. Биргелешкен мониторинг жана баалоо топтору эмнелерге мониторинг жүргүзүп жана баалайт?

Биргелешкен мониторинг жана баалоо боюнча топ төм. мониторинг жана баалоо жүргүзүүгө укуктуу:

- айыл өкмөтүнүн жана анын структуралык бөлүмдөрүнүн, ошондой эле муниципалдык уюмдардын, мекемелердин жана ишканалардын иш-аракеттерине;
- тийиштүү аймактын жергиликтүү жамаатынын жашоо-турмушун камсыздоо боюнча кызмат көрсөткөн коомдук уюмдардын жана бирикмелердин (суу колдонуучулар ассоциацияларынын (СПА), таза суу пайдалануучулардын айылдык коомдук бирикмесинин (ТСПАКБ ) ж.б.) иш-аракеттерине;
- айылдык аймактын өнүгүү пландарына (анын ичинде биргелешкен аракеттер пландарына, социалдык-экономикалык өнүгүү пландарына, ААнын стратегиялык өнүктүрүү пландарына жана жергиликтүү деңгээлде улуттук стратегияларды ишке ашыруу пландарына ж.б.);
- жергиликтүү жана (же) республикалык бюджеттен, эл аралык жана башка донор уюмдардын, демөөрчүлөрдүн жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен тыюу салынбаган булактардан каржыланып, ишке ашырылуучу жергиликтүү демилгелердин/долбоорлордун/программалардын ишке ашырылуусуна[2];
- ишканаларды менчиктештирүүгө жана айыл өкмөттүн балансына социалдык-маданий, тиричилик жана чарбалык багыттагы объекттерди жана алардын иштеши үчүн зарыл болгон жабдууларды өткөрүүгө;
- муниципалдык менчикте турган жерлерди, ошондой эле Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондуна таандык жерлерди үнөмдүү пайдалануу боюнча иш-чаралардын жүзөгө ашырылуусуна;
- жамааттын ресурстарын үнөмдүү пайдалануу боюнча иш-чаралардын жүзөгө ашырылуусуна;
- жергиликтүү бюджетти түзүүгө, аткарууга жана колдонууга, жергиликтүү жамааттын бюджеттен тышкаркы каражаттарына, бюджеттин ачыктык индексине;

[1] Жергиликтүү жамааттын Уставы (типтүү) http://vap.kg/ru/activities/legislation/

[2] Ушул Окуу материалдар топтомунун “Жамааттын муктаждыктарын биргелешип аныктоо – жарандардын жергиликтүү өз алдынча башкарууга чындап катышуусуна карай биринчи кадам” деп аталган биринчи бөлүгүн караңыз.

- айылдын, көчөлөрдүн, ААнын артыкчылыктуу көйгөйлөрүн чечүү боюнча биргелешкен аракеттер планына;
- айылдык аймакта этностор аралык мамилелерди жакшыртууга, этностор аралык жаңжалдарды болтурбоо боюнча алдын алуу иштерин өткөрүүгө;
- таза сууну, сугат сууну, (эгерде бар болсо канализацияны, жылуулук менен жабдууну) колдонгону үчүн тарифтерге, ошондой эле катуу тиричилик калдыктарын жыйноого жана чыгарууга ж.б.

### 3.1.5. Бюджеттик процесске мониторинг жүргүзүү жана баалоо биргелешкен мониторинг жана баалоо тобунун маанилүү милдеттеринин бири катары

Айылдын муктаждыктарын биргелешип аныктоо жолу менен жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүдө БМжБ тобунун катышуусун өзгөчө белгилей кетүү зарыл. Кайсы көйгөйлөрдү биринчи кезекте чечип, баалоо керектигин ар бир АА өзү аныктайт. Бул үчүн изилдөө жүргүзүлөт – айылдын муктаждыктарын биргелешип аныктоо[1].

Бул айылдык аймактын айылынын (айылдарынын) жашоочуларынын пикирлерин жана кызыкчылыктарын эсепке алуу менен айылдын артыкчылыктуу көйгөйлөрүн аныктоо жана БМжБ топтору жана башка жумушчу топтор аркылуу аларды чечүү боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен жергиликтүү жамааттын биргелешкен иш процессин караштырат.

Айылдын муктаждыктарын биргелешип аныктоо үчүн БМжБТ, АӨ жана АК бирдикте төмөнкү иш-чаралардын комплексин жүзөгө ашырат:

- маалыматтарды жыйноо жана айылдагы кырдаалды иликтөө;
- айылдын көйгөйлөрүн аныктоо;
- айылдын көйгөйлөрүн талдоо: көйгөйлөрдүн себеби эмне болуп саналат жана алардын кесепеттери;
- биринчи кезекте чечилиш керек болгон артыкчылыктуу маселелерди аныктоо;
- артыкчылыктуу маселелерди чечүүнүн жолдорун биргелешип талкуулоо;
- артыкчылыктуу маселелерди чечүү боюнча демилгелүү топторду түзүү;
- биргелешкен аракеттердин пландарын иштеп чыгуу;
- айылдык чогулуштарда, коомдук угууларда жергиликтүү жамаат менен артыкчылыктуу маселелерди чечүү боюнча биргелешкен аракеттер пландарын талкуулоо;
- жергиликтүү бюджетте биргелешкен аракеттер пландарын чагылдыруу;
- биргелешкен аракеттер пландарын ишке ашыруу;
- биргелешкен аракеттердин ишке ашырылып жаткан пландарынын биргелешкен мониторинги жана баалоо;
- айылдык чогулуштарда, коомдук угууларда, курултайларда биргелешкен аракеттер пландарын ишке ашыруу боюнча иштердин натыйжалары жөнүндө отчет.

Алдын ала БМжБ тобу бюджеттик каражаттарды кайда жиберүү керектигине мониторинг жана баалоо жүргүзөт жана кийинки жылга жергиликтүү бюджеттин баштапкы долбоору үчүн сунуштарды айыл өкмөттүн финансы-экономикалык бөлүмүнө жана айылдык кеңештин бюджеттик комиссиясына берет. БМжБ тобу берген биргелешкен аракеттердин планын эсепке алуу менен жергиликтүү бюджеттин баштапкы долбоорун айыл өкмөтү айылдык кеңеш менен макулдашат ж.б.

Жергиликтүү бюджеттин долбоору жалпы талкуулоо үчүн бюджеттик угууга киргизилет, андан соң айылдык кеңештин сессиясында ачык жана айкын каралат. Жергиликтүү бюджеттин долбоору айылдын артыкчылыктуу көйгөйлөрүн чечүү боюнча БМжБ тобунун биргелешкен аракеттер планын, сунуштарын эске алуу менен жергиликтүү жамааттын мүчөлөрүнүн ой-пикирлерин жана сунуштарын карап чыккандан кийин айылдык кеңеш тарабынан бекитилет. Айылдык кеңештин тийиштүү жылга жергиликтүү бюджетти бекитүү тууралуу токтому жергиликтүү жалпыга маалымдоо каражаттарында жарыялланууга тийиш. Муну ошондой эле Бюджет айкындуулугунун муниципалдык индексине андан ары мониторинг жүргүзүү үчүн БМжБ тобу мониторинг жүргүзө алат.

Айылдык кеңеш жергиликтүү бюджетти иштеп чыккандан кийин айылдын артыкчылыктуу маселелерин чечүү боюнча биргелешкен аракеттер планы иштелип чыгып, бекитилген учурда БМжБ тобу айыл өкмөтү менен биргеликте жергиликтүү бюджетке тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө сунуштамалар менен айылдык кеңештин бюджет боюнча туруктуу комиссиясына кароосуна биргелешкен аракеттер планын киргизүүгө укуктуу.

Мониторинг жана баалоо учурунда жамааттын баары менен үзгүлтүксүз жолугушууларды өткөрүп туруу керек. Бул жолугушуулар күнүмдүк натыйжаларды, биргелешкен мониторинг жана баалоону ишке ашыруунун жүрүшүндө пайда болушу ыктымал маселелерди талкуулоого, пикирлерди, сындарды, балким жергиликтүү жашоочулардан пайдалуу кеңештерди жана жардамды алууга да жардам берет. Мындан тышкары ушул жолугушуулар буга чейин четте карап турган жашоочуларды да тартуунун жакшы

[1] Ушул Окуу материалдар топтомунун “Жамааттын муктаждыктарын биргелешип аныктоо – жарандардын жергиликтүү өз алдынча башкарууга чындап катышуусуна карай биринчи кадам” деп аталган биринчи бөлүгүн караңыз.



аспабы болуп бере алат. БМжБ тобунун мүчөлөрү иштеп жатканын, иш жүзүндөгү натыйжаларды жана оң өзгөрүүлөрдү көрүп туруп, буга чейин кайдыгер карап келген айрым жашоочулар же уюмдар ушул процесске кошулушу мүмкүн. Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун деңгээлинде бюджеттик процесстин айкындуулугунун даражасына мониторинг жүргүзүп, баалоо үчүн БМжБ тобу Кыргызстан үчүн жаңы аспапты – Бюджет айкындуулугунун муниципалдык индексин колдоно алат. Бул усулдун жардамы менен БМжБ тобунун мүчөлөрү бюджеттик процесстин түрдүү этаптарында ЖӨБ органдары жарыялаган документтердин толуктугуна жана сапатына баа берет, ошондой эле бул документтер ачык-айкын жана түшүнүктүү болушу үчүн ЖӨБ органдарынын аракеттерин баалашат. Индекс деген эмне жана аны кантип колдонуш керектиги тууралуу толук маалыматты Өнүктүрүү саясат институтунун басылмаларынан таба аласыз.

### 3.1.6. Биргелешкен мониторинг жана баалоо тобунун укуктары жана милдеттери

БМжБ тобунун укуктары:

- ААнын маселелерин талкуулоодо айыл өкмөтүнүн, айылдык кеңештин ишине жигердүү катышуу;
- аймактын социалдык-экономикалык өнүгүү, жергиликтүү бюджетти түзүү, муниципалдык менчикти колдонуу жана өнүктүрүү маселелерин көтөрүп чыгуу;
- айыл өкмөтүнө, айылдык кеңешке, мамлекеттик органдардын аймактык бөлүмчөлөрүнө, уюмдарга, мекемелерге, ишканаларга жана алардын кызмат адамдарына сунуштарды, арыздарды жана даттанууларды камтыган жамааттык кайрылууларды жолдоо;
- мамлекеттик сырга, ошондой эле жашыруун маалыматка (кызматтык сыр) киргизилген маалыматтарды кошпогондо, мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, уюмдардын, мекемелердин жана ишканалардын карамагында болгон маалыматтарды оозеки же жазуу жүзүндө суратып алуу;
- айыл өкмөт башчынын, төраганын жана айылдык кеңештин депутаттарынын жыл ичинде (же жарым жылда) аткарган иштеринин жыйынтыктары тууралуу жергиликтүү жамаатка маалымат берүүсү тууралуу жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына оозеки же жазуу жүзүндө кайрылуу жолдоо;
- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кадимки иш убактысында муниципалдык менчиктеги объекттердин реестри тууралуу маалымат алууга (жеткиликтүүлүк) жана мазмунун үйрөнүү;
- Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондуна (АЖМФ) тиешелүү жерлерди, муниципалдык жерлерди жана муниципалдык менчикте турган башка мүлктү берүү боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары өткөргөн тооруктарга (аукциондорго жана сынактарга) катышууга;
- элеттик чогулуштарга, курултайларга, коомдук угууларга, айылдык кеңештин ачык сессияларына жана айылдык кеңештин туруктуу (убактылуу) комиссияларынын отурумдарына, ошондой эле муниципалдык ишканалардын, мекемелердин жана уюмдардын чогулуштарында жетекчинин макулдугу менен өз пикирин эркин билдирүүгө жана жергиликтүү маанидеги маселелер боюнча сунуштарды киргизүүгө;
- тендерлерге байкоочу катары катышууга;
- жергиликтүү бюджетти түзүүгө, ошондой эле жергиликтүү бюджеттен иш жүзүндө сарпталган каражаттар тууралуу маалымат алууга;
- этникалык өңүткө айланып кетиши ыктымал болгон социалдык жана башка мүнөздөгү жаңжалдарды алдын алуу боюнча жергиликтүү бийликке жана тартип коргоо органдарына көмөк көрсөтүүгө;
- көрктөндүрүү, ремонт жасоо жана аймактын санитардык тазалоосу боюнча иштерге катышууга;

- жергиликтүү кеңештердин, алардын аткаруу органдарынын чечимдеринин аткарылышына көмөктөшүүгө;
- курултайлардын жана жарандардын чогулуштарынын чечимдеринин аткарылышын уюштурууга.

БМжБ тобунун милдеттери:

- АК жана АӨ тапшырмалары боюнча изилдөө жүргүзүүгө;
- документтерге анализ жүргүзүүгө жана алар боюнча сунуштамаларын берүүгө;
- мониторинг жана баалоо өткөргөндөн кийин кеңешке жана айыл өкмөткө отчет тапшырууга;
- демилгелерди, долбоорлорду, программаларды ишке ашыруунун, кызмат көрсөтүүнүн жүрүшүндө аныкталган көйгөйлөр тууралуу, ошондой эле өзү аткарган иштин натыйжалары жөнүндө АК менен АӨнү өз убагында маалымдоого;
- абалды жакшыртууга өз сунуштарын берүүгө.

## 3.2. Биргелешкен мониторинг жана баалоо тобунун ишин пландоо

### 3.2.1. Биргелешкен мониторинг жана баалоо тобунун иш планы

Алдына коюлган тапшырмаларды аткаруу үчүн биргелешкен мониторинг жана баалоо боюнча топ:

- иш планын (графигин) бекитет;
- сурамжылоо жүргүзөт (анкеттөө);
- кызмат көрсөтүүнү түз алгандар же ишке ашырылып жаткан долбоордон пайда алгандар менен маек курат, бул үчүн жерине барат;
- документтерге (анкеталар, графиктер, отчеттор, каттоо журналдары, катышуучулардын тизмелери) анализ жүргүзөт;
- тийиштүү иш-чараларга катышат (тендер, сатып алуу, демилгелерди/долбоорлорду/программаларды ишке ашыруу);
- кызмат көрсөтүүнүн сапатын камсыздоо жана/же демилгелердин/долбоорлордун/программалардын өз убагында жыйынтыкталышын камсыздоо үчүн сунуштамаларын берет;
- демилгелерди/долбоорлорду/программаларды ишке ашыруунун, кызмат көрсөтүүнүн жүрүшүндө аныкталган көйгөйлөр тууралуу, ошондой эле өзү аткарган иштин натыйжалары жөнүндө айыл өкмөтүн, айылдык кеңешти жана жергиликтүү жамаатты өз убагында маалымдайт;
- кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу, планды ишке ашыруу, долбоорду аткаруунун жүрүшүндө түзөтүүлөрдү киргизүү боюнча сунуштарды берет[1].

БМжБ тобунун иш планы жергиликтүү кеңештин туруктуу комиссиясы тарабынан бекитилет. Өнүктүрүү саясат институтунун адистери БМжБнын аспаптарын иштеп чыккан. Алар: анкеталар, протоколдор, актылар, сатып алуулар боюнча отчеттун формалары, анализдин технологиялары ж.б. Алардын айрымдары бул окуу китебинде тиркеме катары берилди.

БМжБ тобунун иш планы төрт негизги бөлүмдөн турат жана төмөнкүдөй болушу ыктымал (төмөндө конкреттүү жамааттын керектөөлөрүнө ылайык өзгөртүлсө боло турган БМжБ тобунун иш планынын болжолдуу структурасы келтирилди):

*1. Жергиликтүү өнүгүү пландарына жана улуттук программаларды/пландарды/өнүгүү стратегияларын ишке ашыруунун жергиликтүү пландарына мониторинг жана баалоо жүргүзүү:*

- өнүгүү пландарынын максаттарына жетүүгө таасирин тийгизген негизги иш-чараларды баалоо;
- иштин өзүнө, бюджеттик каражаттарды сарптоого, курулушка, жабдууларды сатып алууга ж.б. мониторинг жүргүзүү;
- алынган жыйынтыктарга мониторинг жана баалоо жүргүзүү, аларды пландалган жыйынтыктар менен салыштыруу.

*2. ЖӨБ органдары көрсөткөн кызматтарды баалоо:*

- анкета толтуруу;
- анкеталарга талдоо жүргүзүү жана отчетторду даярдоо;
- калк ичинде жүргүзүлгөн сурамжылоонун натыйжалары тууралуу жергиликтүү кеңештин депутаттары арасында маалыматты жайылтуу;
- кызмат көрсөтүүлөрдүн сапаты тууралуу материалдарды маалыматтык керегелерге илүү жана башка жолдор менен жайылтуу.

*3. Бюджеттик процесске мониторинг жана баалоо жүргүзүү:*

- маалыматтык керегелерге илинген жана башка жолдор менен жайылтылган бюджет жана бюджеттик документтер тууралуу материалдардын сапатын жана санын баалоо;
- бюджет боюнча коомдук угууларды уюштурууга жана өткөрүүгө катышуу;

1 Жергиликтүү жамааттын Уставы (типтүү) http://vap.kg/ru/activities/legislation/

- угуулар маалында айтылган жарандардын ой-пикирлеринин аткарылышына талдоо жүргүзүү; ЖӨБ органдарынын угуулардын катышуучулары үчүн түзгөн кайра байланышка талдоо жүргүзүү;
- бюджет айкындуулугунун муниципалдык индексин эсептөө (мүмкүнчүлүк болсо).

4. АА муктаждыктарын аныктоодо жана жергиликтүү өнүгүү пландарын түзүүдө жамааттын маалымдуулугуна жана катышуусуна мониторинг жана баалоо жүргүзүү:

- калктын коомдук угууларга катышуусунун деңгээли;
- чогулуштардын, коомдук угуулардын, программалардын, долбоорлордун натыйжаларын калкка жеткирүү;
- жергиликтүү өнүгүү пландарын талкуулоодо жергиликтүү кеңештин сессиясында айтылган жана эсепке алынган калктан түшкөн сунуштардын саны.

***1-таблица. Биргелешкен мониторинг жана баалоо тобунун иш планынын форматы***

| № | Мониторинг жана баалоонун объекти | Индикаторлор | Маалымат булактары | Пландалган жыйынтыктар | Иш жүзүндөгү жыйынтыктар | Маалымат чогултуунун усулдары | Документтер | Маалымат чогултуу мезгили | Жооптуу адам |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | | | | | | | | | |

## 3.2.2. Индикаторлорду аныктоо

Алдыга коюлган тапшырмалардын жетишкендиктерин индикаторлордун (көрсөткүчтөрдүн) жардамы менен өлчөсө жана бааласа болот. Ар бир индикатордун “алтын эрежеси” бар – ал пайыздар же сандар менен өлчөнө алат.

Индикаторлорду алардын багытына жараша топторго, ошондой эле сандык жана сапаттык деп бөлүүгө болот. Багыты боюнча индикаторлор үч топко бөлүнөт:

**Базалык көрсөткүчтөр** ошол учурдагы абалды сүрөттөйт (белгилейт). Мисалы:

- алып келинген суунун баасы;
- суу булагынын алыстыгы;
- жынысы боюнча тиликтен алып караганда жергиликтүү жашоочулар арасында оорулар боюнча статистика;
- тигилген өсүмдүктөрдүн болуп-болбогону ж.б.

**Соңку көрсөткүчтөр** иштин натыйжаларын белгилейт. Мисалы,

- суу түтүгүн өткөргөндөн кийин суунун баасы;
- отургузулган бак-дарактардын саны ж.б.

**Таасир этүү көрсөткүчтөрү** кырдаал өзгөргөнүн чагылдырат. Мисалы,

- жынысы боюнча тиликтен алып караганда оорулардын азайуу проценти,
- таза сууну жеткирүүгө же төлөөгө үй кожолуктарынын чыгымдарынын азайышы;
- сууну жоготууну азайтуунун же жок кылуунун натыйжасында суу түтүгүн колдонууга кеткен чыгашаларды үнөмдөө ж.б

Айрым учурларда индикаторлор окуя болгонун же продукт өндүрүлгөнүн гана белгилейт.

***2-таблица. Фактты констатациялаган жөнөкөй, сандык индикаторлор***

| Продукт | Индикатор |
|---|---|
| Элеттеги жолдун курулушу долбоордун биринчи жылынын соңунда жыйынтыкталды | Долбоордун биринчи жылынын ичинде курулган жолдун 100 км |
| Имараттын биринчи кабатынын суу түтүк түйүнү оңдолду, кол жуучу жай орнотулду | Имараттын биринчи этажынын оңдолгон суу түтүк системасынын узундугу – 500 метр,<br>биринчи жылдын соңуна карата орнотулган кол жуучу жайлардын саны - 16 |
| Жергиликтүү кеңештин депутаттары үчүн тренинг өткөрүлдү | 12 депутат окуудан өттү,<br>алардын ичинен 2 аял жана 10 эркек |

Айрым продукттар мынчалык анык эмес жана сандык аныктоого алынбайт. Балким мындай учурда продукт жеткирилгенин далилдөө үчүн көбүрөөк сүреттөөчү индикаторлорду колдонуш керек болот. Мындай сүреттөөчү индикаторлор адатта социалдык өнүктүрүү жана анын таасири боюнча долбоор жараткан натыйжаны сүреттөө үчүн көбүрөөк туура келет.

***3-таблица. Долбоордун таасирин сүрөттөгөн индикаторлор***

| Тапшырма | Индикаторлор |
|---|---|
| Аялдардын, кооператив мүчөлөрүнүн чечим кабыл алуу процессине кеңири катышуусу | Расмий кызматтарга шайланган аялдардын санынын өсүшү. Мисалы, 2014-жылы расмий кызматка шайланган аялдардын саны жалпы сандан 20% түздү. Ал эми 2012-жылы бул көрсөткүч 13% барабар болчу. Аялдар, кооперативдин мүчөлөрү жаңы биргелешкен ишмердикти башташууда. Мисалы, 2012-жылы кооперативдин 7 аял-мүчөсү уйдун сүтүн чыгарууга багыт алган мал чарбачылыгы менен алектенип, кооператив мүчөлөрүнүн жалпы санынан 35% түзчү. Ал эми 2014-жылы бул көрсөткүч өсүп, кооперативдин аял мүчөлөрүнүн саны 12 болду жана кооператив мүчөлөрүнүн жалпы санынан 37% түздү. Алар эчкинин сүтүн чыгаруу менен да алектенип калышты. |
| Каналдын ремонту элеттиктерге айыл чарба маданиятынын түшүмүн көбөйтүүгө жардам берет | Дыйкандардын санынын өсүшү. Мисалы, 2014-жылы айылда 18 дыйкан иштеген, алардын ичинен үчөө аял. Ал эми 2012-жылы бул көрсөткүч мындай болчу – 15 дыйкан, алардын ичинен үчөө аял. Айыл чарба маданиятынын түшүмдүүлүгүнүн көбөйүүсү |
| Санитардык-гигиеналык нормаларды сактоо үчүн шарт түзүү | Окуучулар арасында ичеги ооруларынын саны азайды. Мисалы, 2014-жылы ... атындагы мектепте 9 окуучуда ичеги оорулары байкалган, алардын ичинен бешөө эркек, төртөө кыз. 2012-жылы болсо бул көрсөткүч мындай болчу – 16 окуучу, алардын ичинен 9 эркек, 7 кыз |

Индикаторлорду продукттар, тапшырмалар же максаттар менен аралаштырбоо өтө маанилүү. Индикаторлордо күтүлгөн өзгөрүүлөргө жетүү долбоордун баштапкы максаты болбош керек. Индикаторлор пландалгандай өзгөрбөй жатканынын бир нече себеби болушу мүмкүн, бирок бул иш-чара, долбоор же кызмат көрсөтүү максатына жетпей калды дегенди билдирбейт. Бул болгону индикатор туура эмес тандалып алынганын ырасташы мүмкүн. Индикаторлордун өзүнө эмес, алар көрсөткөн нерселерге көңүл буруу зарыл. Белгиленген социалдык өзгөрүүлөргө жетүү эң башкысы болуп эсептелет.

Сапаттуу индикаторлор сандык индикатордон эмнеси менен айырмаланат? Сапаттуу индикаторлор “Эмнелер өзгөрүш керек? Кантип? Канчалык даражада?” деген суроолорго жооп берет. Мисалы:
- жамаат мүчөлөрүндө кызыгуунун өсүшү;
- чечим кабыл алуу процессине тартылгандардын көбөйүшү;
- жамаатта өз ара мамилелерде оң өзгөрүүлөр;
- келечекте өз алдынча аракеттерди жасоо каалоосу;
- жамааттын мүчөлөрүндө анализ жүргүзүү жана көйгөйдү түшүндүрүп бере алуу жөндөмдүүлүгү;
- биргелешкен чечимдерди кабыл алуу жана ал үчүн жоопкерчилик алуу жөндөмдүүлүгү.

Сандык көрсөткүчтөр “Канчалык өзгөрүш керек?” деген суроого жооп берет. Мисалы, алар төм. көрсөтөт:
- өз жашоо шартын жакшырткан же байгерликке ээ болгон жамаат мүчөлөрүнүн саны;
- жамаат мүчөлөрүнүн акчалай же акчалай эмес түрдө туюнтулган салымы;
- чогулуштардын, сессиялардын, семинарлардын саны;
- ушул иш-чараларга катышкандардын саны, жаш курагы, жынысы ж.б. боюнча бөлүштүрүлүшү;
- экономикалык көрсөткүчтөр (киреше, маяна ж.б.).

Адамды өлчөөгө (катышуучулардын, мүчөлөрдүн саны ж.б.) тиешелүү бардык көрсөткүчтөр гендердик жактан бөлүштүрүлүш керек.

***4-таблица. Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун ишинин негизги багыттары боюнча болжолдуу индикаторлор***

| Жергиликтүү өнүгүү пландары | Бюджеттик процесс | Көрсөтүлгөн кызматтар | Жамааттын муктаж-дыктарын аныктоо | Ресурстарды башкаруу |
|---|---|---|---|---|
| Пландалган натыйжалар | Бюджет айкындуулугунун муниципалдык индекси | Кызмат көрсөтүүлөрдүн сапаты | Өнүгүү пландарында жарандардын эсепке алынган кейгейлөрүнүн саны | Жер берүүгө табыштамалардын саны |
| Иш жүзүндөгү натыйжалар | Өткөрүлгөн коомдук угуулардын, катышуучулардын саны | Кызмат көрсөтүүнүн жеткиликтүүлүгү | Артыкчылыктардагы өзгөрүүлөр (чечилген кейгейлөрдүн саны) | Канааттандырылган табыштамалардын саны |
| Иш-чарага чейинки жана андан кийинки сандар | Угуулардан кийин жарандардын эсепке алынган сунуштарынын саны | Кызмат көрсөтүүнүн тарифи тууралуу маалыматтык материалдардын саны | Жарандардын ЖӨБ органдарынын ишине канааттануу деңгээли | Бөлүштүрүү сапаты (критерийлер, кезеги, жакырчылык ж.б. боюнча) |

### 3.2.3. Маалымат чогултуу усулдары

Тигил же бул усулду тандоо БМжБ тобунун алдында турган максаттарга жана тапшырмаларга көз каранды болот. Биргелешкен мониторинг жана баалоодо колдонулган маалымат чогултуунун негизги усулдары төмөнкүлөрдү камтый алат:

- айыл тургундары арасында анкета, сурамжылоо жүргүзүү;
- бетме-бет маектешүү;
- топ-тобу менен маектешүү;
- байкоо;
- документтерге анализ.

Айыл тургундары арасында анкета, сурамжылоо жүргүзүүдө, бетме-бет, топ-тобу менен маектешүүдө респонденттерди тандап алууда жынысы, жаш курагы жана улуту боюнча теңдик сакталыш керек.

***Анкета жүргүзүү***

Жергиликтүү жамааттын пикирин кылдат иликтөө, угуу, талкуулоо, жергиликтүү жамаат үчүн өзгөчө мааниге ээ болгон маселелер боюнча сунуштамаларды жыйноо жана маалымат алмашуу максатында анкетаны жарым жылда бир жолу жүргүзүү сунушталат. Муну мисалы, жарандардын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишинин сапатына жарандардын канааттануу даражасын аныктоо үчүн колдонуу максатка ылайыктуу болмок.

***Маектешүү***

Маектешүү (баарлашуу) биргелешкен баалоодо өзөктүү учур болуп эсептелет. Өзөктүк адам же маектешкен киши – бул белгилүү бир тема боюнча атайын билимге ээ болгон кимдир бирөө (мисалы, бюджет маселелери боюнча АӨ кызматкери, ооруларды алдын алуу практикасы боюнча элеттик дарыгер, аялдардын жергиликтүү ассоциациясын уюштуруу маселелеринде тажрыйбасы бар аял, суу менен камсыздоо маселелери боюнча суу каналынын инженери ж.б.). Алар системанын иши тууралуу (мисалы, элеттик бюджеттөө, саламаттык сактоо же суу менен камсыздоо) суроолорго жооп бере алат, көйгөйлөргө дагы да толук мүнөздөмө берет деп күтүлүүдө. Анткен менен бул усулду колдонууда кесиптик деформациялоо тобокелчилиги бар болгонун унутпаш керек. Алар кызыкдар жак болгондуктан бурмаланган жоопту берип, же маалыматты жашырып коюушу ыктымал. Ошондуктан бул усулду колдонууда кайчылаш текшерүү жүргүзүү керек – башка көз карашы бар адам менен маектешүү зарыл. Мисалы, суу менен камсыздоо боюнча инженер менен маектешкен соң катардагы суу керектөөчү менен да баарлашуу туура болот.

Маалыматтын баалуу булагы болуп ошол жамаатта же кошуна жамаатта жашаган (ички абалдан кабардар чоочун адамдар) боло алат. Алар жергиликтүү азык-түлүк дүкөнүнө товар ташыган шаардык ишкер; дыйкандар менен иш алып барган насыя уюмунун кызматкери болушу мүмкүн. Алар адатта жамаат мүчөлөрүнө салыштырмалуу башка көз карашка ээ жана иштерге сырттан баа бере алат.

***Топтук маектешүү***

Топтук жолугушуу – бул маалыматтын баалуу булагы гана болбостон, ошону менен бирге белгилүү бир максаттарга жетүү үчүн адамдардын жакындашуусу. Жолугушууга чакан сандагы адамдар (10го чейин) катышса болот, алардын көңүлү белгилүү бир маселеге же максаттарга бурулат. Чакан топтор жалпы



кызыкчылыктардын негизинде бириккен (аялдар, дыйкандар, аз камсыздалган адамдар), өз ара жакшы пикир алышкан, көйгөйлөрү жана максаттары жалпы болгон адамдардан турушу мүмкүн.

Топтук маектешүүнүн бир нече артыкчылыгы бар. Алар чоң көлөмдөгү маалыматка жеткиликтүүлүктү камсыздайт жана башка топтордон алынган маалыматтарды ошол замат текшерүү мүмкүнчүлүгүн берет. Топ өтө чоң болсо (20 кишиден ашык), анда мындай топту башкаруу иши татаалдашат, анткени топ топчолорго бөлүнүүгө умтулат. Топтук маектешүү кылдаттык менен чечилчү кычыктуу маалыматты талкуулоодо пайдалуу болбойт. Мисалы, үй-бүлөдөгү зомбулукту аралаш топто, зомбулук кылды деп шектелген аялдын же күйөөнүн катышуусунда талкуулаган туура эмес. Топтук маектешүү чыныгы жагдайды эмес, адамдардын тигил же бул көрүнүш тууралуу идеалдуу элестерин гана аныктай алат. Бирок түрдүү ыкмаларды жана маалыматтарды кайрадан текшерүү толук жагдайды аныктайт. Мындай талкуулар процессинде альтернативалык көз караштарга жана пикирлерге дем берип, топко жасалган кысымдан оолак болууга аракеттениш керек. Жолугушуудан кийинки бейформал баарлашуулар топтук маектешүү маалында өз пикирин билдире албагандардан маалымат алууда пайдалуу болушу мүмкүн. Топтук маектешүү жеке маектешүүгө караганда кылдат пландоону жана даярдыкты талап кылат.

Топтук маектешүү адатта тигил же бул долбоордун таасирин баалоо, татаал көйгөйлөрдүн себеп-натыйжа байланышын аныктоо, каада-салттар өңдүү коомдогу начар башкарылган процесстерди талкуулоо үчүн колдонулуп келет.

***Байкоо***

Байкоо – бул мониторингдин өзөктүк усулу. Жерлерди, адамдарды, ресурстарды жана шарттарды кылдат карап чыгуу маанилүү. Түздөн-түз байкоо башка усулдардын жардамы менен жасалган тыянактарды колдоого жана кайчылаш текшерүүлөрдү жүргүзүүгө, ошондой эле жаңы маалыматтарды аныктоого жана жаңы суроолорду коюуга жардам берет.

Ар бир байкоо боюнча эки нерсени жазып алууну унутпаңыз: 1) байкоонун предмети эмне болду жана 2) бул эмнени билдириши мүмкүн дегенге сиздин пикириңиз. Башка усулдарды изилдөөнүн жана башка катышуучулардын жардамы менен сиздин түшүндүрмөлөрүңүздү текшерүү маанилүү. Байкоо предметинин тизмеси чексиз болушу мүмкүн. Мисалы, жакырчылыктын байкоого алынган көрсөткүчтөрү төм. болушу мүмкүн:

- үйлөрдүн түрлөрү (анын ичинде дубалдар, төшөлмөлөр, чатырлар);
- кийим-кече;
- балдар арасында жетишсиз тамактануунун белгилери;
- базарда сатылган азык-түлүктү түрлөрү, сапаты жана ар түрдүүлүгү;
- радиолордун, телевизорлордун, велосипеддердин, мотоциклдердин жана идиштин саны жана түрлөрү;
- мектептердеги кыздардын курагы жана ара катышы;
- суу жана отун булактарына чейинки аралык.

Байкоолорду документтештирүү үчүн сүрөткө тартса болот. Мисалы, таштанды жыйноо боюнча кызмат көрсөтүүгө мониторинг жүргүзгөн учурда төмөнкү параметрлерди сүрөткө тартып алса болот:

- туш келди таштандыларды;
- ошондой таштанды жайларда кооптондурчу нерселер, мисалы, жан-жаныбарлардын өлүгү;
- контейнерлер орнотулган жерлердин санитардык абалы;
- жол боюнда жана турак жайлардын жанында таштандылар ж.б.

### 3.2.4. Маалымат чогултуунун мезгилдүүлүгү жана графиги

Үзгүлтүксүз биргелешкен мониторинг жана баалоо кварталына бир жолу же зарыл болгон чакта жүргүзүлөт. БМжБнын убактылуу топтору долбоордук графикке ылайык иштейт. Графикти түзүү үчүн БМжБнын туруктуу тобу айылдын өнүгүү планы, бюджеттик процесси ж.б. менен алдын ала таанышып чыгыш керек. Убактылуу топ долбоордун циклин, же мониторинг жүргүзүп, баалай турган көйгөйдүн календардык өзгөчөлүгүн изилдеп чыгууга тийиш. Ушул маалыматтын негизинде БМжБнын графиги түзүлөт.

БМжБ тобу айыл өкмөтү жана жергиликтүү кеңеш менен биргеликте БМжБ жүргүзүүнүн графигин толук талкуулап, макулдашып алышы керек. Макулдашылган графикти кеңештин отурумдарынын биринде АК төрагасы бекитиш керек. БМжБ тобунун төрагасы топтун бардык мүчөлөрүн, ошондой эле кеңештин депутаттарын жана айыл өкмөтүнүн кызматкерлерин бекитилген график менен сөзсүз тааныштырыш керек. БМжБнын графиги маалымат керегелеринде да жайгаштырылат.

Кийинкиге калтырууга мүмкүн болбогон маселелерди чечүү үчүн БМжБ тобунун жетекчиси, айыл өкмөтүнүн башчысы, айылдык кеңеш белгиленген мөөнөттө жергиликтүү жамааттын мүчөлөрүнө жана кызыкдар жактарга алдын ала маалымат берет деген шарт менен топтун кезексиз отурумун чакыра алат. Иш-чараларга, кызмат көрсөтүүлөргө, ЖӨБдүн ишинин багыттарына биргелешкен мониторинг жана баалоо жүргүзүү үчүн жооптуу адамдарды дайындоо зарыл.

БМжБны өткөрүүгө байланышкан эң аз чыгашаларды эске алып, аларды жергиликтүү бюджеттеги каражаттын эсебинен жабуу керек. Бул БМжБ тобунун мүчөлөрүнүн эмгек акысын төлөө болбошу мүмкүн. Бирок бул кеңсе буюмдары, сүрөттөрдү басып чыгарууга кеткен жана биргелешкен мониторингдин жана баалоонун сапатына түздөн-түз таасирин тийгизген башка чыгашалар болушу ыктымал.

## 3.3. БМжБ процессин документтештирүү

ЖӨБОнун кызмат көрсөтүүлөрүнө, жашоочулардын жыйынтыктарга канааттануусуна мониторинг жүргүзүү жана баалоо процесси документтештирүүнү талап кылат. Жөн гана көз салуу жетишсиз – тиешелүү отчетторду даярдап, аларды кызыкдарга жактарга, б.а., жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына жана калкка өткөрүп берүү да маанилүү.

БМжБ тобу Биргелешкен мониторинг жана баалоонун жыйынтыктары тууралуу отчетту БМжБ аяктагандан кийин 7 күндөн кечиктирбестен даярдайт. Андан кийин АӨ, АК жана БМжБ тобу иштерди жана кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу боюнча сунушталган пикирлерди биргелешип талкуулайт. Макулдашкандан кийин көлөмү бир барактан ашпаган отчет маалыматтык керегелерге жайгаштырылат. Толук отчет үч барактан ашпаш керек, болбосо аны окуп чыгышат деген ыктымалдуулук азаят. Албетте айрым бир учурларда БМжжБ тобу дагы да көлөмдүү отчет даярдай алат, бирок ага маанилүү иш жүзүндөгү маалымат гана кириш керек.

БМжБ тобу элеттик чогулуштарда, айылдын жыйындарында, жолугушууларда ж.б. БМжБнын жыйынтыктары тууралуу маалыматты жамаат арасында таратыш керек.

Отчеттун структурасы төмөнкүдөй:

- мониторингдин же баалоонун предмети, күнү жана катышуучулары;
- жетишилген ийгиликтердин кыскача баяндалышы;
- көйгөйлөрдүн кыскача сүрөттөлүшү;
- бул көйгөйлөр кантип чечилгенинин (чечилип жатканынын) сүрөттөлүшү;
- иштерди жакшыртуу боюнча сунуштамалар.

Отчетко протоколдор, актылар, отчеттуулуктун формалары жана башка документтер тиркелет.

БМжБ тобу милдеттүү түрдө протокол жүргүзөт. Анда МжБ өткөрүлгөн күн жана жери көрсөтүлөт, катышкан жарандардын жана чакырылган адамдардын жалпы саны, күн тартиби, баяндамалардын мазмуну, баяндамачылар тууралуу маалымат, ошондой эле суроо узаткандар тууралуу маалымат, кабыл алынган чечимдер жана сунуштамалар көрсөтүлөт.

Процессти жана башкарууну жакшы уюштуруу үчүн бардык этаптарда дайыма жазмаларды жүргүзүп туруу керек. Бул процессти убакыт учурунда көзөмөлдөөгө жардам берет жана жалпылаштырылган отчетторду түзүү процессин жеңилдетет.

Калк тарабынан ишенимге ээ болуу үчүн бюджеттик да, донордук да ресурстарды колдонууда отчеттуулукту жана ачыктыкты арттыруу үчүн биргелешкен мониторинг жана баалоо тобу чогулуштарды үзгүлтүксүз өткөрүп турушу керек. Чогулуштарда төм. талкууланат:

- кызмат көрсөтүүлөргө жүргүзүлгөн мониторингдин жана баалоонун жыйынтыктары;
- бюджеттик процесс боюнча суроолор;
- жергиликтүү өнүктүрүү пландары боюнча маселелер;
- айрым долбоорлордун финансылык отчеттору;
- ишке ашыруунун жүрүшүндө пайда болгон көйгөйлөр жана жетишилген ийгиликтер;
- колдонулбай калган мүмкүнчүлүктөр.

Биргелешкен мониторинг жана баалоо тобунун иштеринин натыйжалары маалыматтык керегелерге илинет, жарыяларда, жалпыга маалымдоо каражаттарында таратылат, ошондой эле талкуулоо үчүн айылдык чогулуштарга, коомдук угууларга, курултайларга киргизилиши мүмкүн[1].

Эң жакшысы жамаат алдында жылына 2 жолу же зарылчылыгына жараша отчет берүү керек. Бул үчүн туруктуу байкоо жана отчеттуулуктун формаларынан тышкары корутунду отчетту түзүү зарыл.

Корутунду отчеттор жумуштардын ар бир баскычынын соңунда жазылат. Мисалы, элеттик муниципалитет көрсөткөн кызматтарды баалоо.

Корутунду отчетту түзүүдө адегенде төмөнкүдөй бир катар суроолорго жооп берүү керек:

***- Отчетту кимдер окуйт? (жамаат, БӨУ, донор, жергиликтүү бийлик ж.б.)***
***- Отчет кайсы максаттарга колдонулат?***
***- Отчет кандай маалыматты камтыш керек?***
***- Бул маалымат кантип берилиш керек?***

Корутунду отчет бардык маанилүү жыйынтыктарды чагылдырыш керек. БМжБ тобунун бардык мүчөлөрү, ошондой эле өзөктүк адамдар комментарийлерин жана толуктоолорун киргизүү үчүн алдын ала отчеттун биринчи варианты менен таанышып чыгышы зарыл. Отчет жамааттын жашоочуларына түшүнүктүү тилде түзүлөт. Баалоо боюнча отчет – ачык документ! Аны каалоочулардын арасында жайылтса болот. Өткөрүлгөн изилдөө боюнча отчет жамаат арасында жайылтылганы өзгөчө маанилүү.

# Корутунду

Биргелешкен мониторинг адамдардын жана уюмдардын анализ жүргүзүү, пландоо жана өзгөрүүлөрдү көңүлгө алуу, эффективдүү чечим кабыл алуу жана аракеттенүү жөндөмдүүлүгүн арттырат. Мындай система жергиликтүү өз алдынча башкаруу менен жергиликтүү жамааттын ортосундагы мамилелерди бекемдеп, ишенимди орнотуп, бийлик менен жарандар ортосунда ачыктыкты күчтөндүрөт. Мындай система практикада колдонулган маалыматтарды берет. Себеби баары жыйынтыктардын “кожоюндары” болуп эсептелет.

[1] Жергиликтүү жамааттын Уставы (типтүү) http://vap.kg/ru/activities/legislation/

# Тиркемелер

## 1-тиркеме. Терек-Сайда ар бир сомду эсептегенди билишет



Жалал-Абад облусунун Чаткал районундагы Терек-Сай айылдык аймагындагы биргелешкен мониторинг жана баалоо тобу беш адамдан турат жана иш алып барган бир жыл ичинде өзүн толук көрсөтө алды.

Терек-Сай айылдык аймагынын территориясында бир нече долбоор, анын ичинде "Өсүп келаткан муун өнүктүрүү саясатынын максаты катары" Долбоору[1] да ишке ашырылып келет. Долбоор 2014-жылдын сентябрында башталып, балдарды мектепке чейин даярдоо үчүн шарттар менен камсыздоо максатын көздөйт. Бул үчүн жергиликтүү бала бакчага зарыл болгон эмеректер жана инвентарлар сатып алынды.

БМжБ тобунун мүчөлөрү түзүлгөндөн баштап эле ишке киришти. Байкоочулар катары жеткирүүчүнү тандап алуу үчүн өткөрүлгөн тендерге мониторинг жүргүзүп, тооруктун уюштуруучулары бардык жол-жоболорду так аткарышы үчүн процесске кылдат көз салып турушту. Сатып алууну "чү" дегенде эле жүзөгө ашыруу мүмкүн болгон жок, тендер өткөн жок деп таанылды.

Экинчи тендер бир айдан кийин өттү жана анда жеңүүчү аныкталды. Көп өтпөй терексайлыктардын эсебине акча түштү. Ал каражатка жергиликтүү өз алдынча башкаруу жаздыктарды, шейшептерди, оюнчуктарды, идиштерди, килемдерди, пардаларды, музыкалык аспаптарды, музыканттар үчүн кийим-кечени сатып алды.

Бирок БМжБ тобу ишин уланта берди жана бул жолу акча каражаттары канчалык туура колдонулганын текшерди. Шектенүүлөр ырасталды: шаймандарды жеткирүү келишимде көрсөтүлгөн квалификациялык талаптарга шайкеш келбестен бузуулар менен жүзөгө ашырылган. Көрсө сатып алынган матрац, синтетикалык материалдан жасалган жаздыктар наристелердин саламаттыгына кооптонуу жараткандыктан, аларды балдар мекемесинде колдонууга тыюу салынат экен.

БМжБ тобунун мүчөлөрү башка да кызык деталдарды аныктап чыкты: "Неастор Лимитед" ЖЧКнын сунушунун суммасы 940 400 сомду түзгөн, бюджетте болсо бул максаттарга 1 110 000 сом каралган. Башкача айтканда дээрлик 170 миң сом үнөмдөлүп, бул каражатка бала бакча үчүн оюнчуктарды жана идиштерди сатып алуу чечими кабыл алынды. Терек-Сай айыл өкмөтү ушундай продукцияны жеткирүүгө адистешкен "Эл-арнал" коомдук бирикмеси менен келишим түздү. Анткен менен мониторингдин жүрүшүндө БМжБ тобу шейшептердин жана оюнчуктардын сапаты жана жасалган жери шек жаратарын, анын үстүнө кандайдыр бир жыты бар болгонун билип калды. Ошондой эле аларда сууну ысытуу үчүн титанга, килемдерге, пардаларга, улуттук костюмдарга жана башка товарларга карата бир топ сындары болду.

Топ буга байланыштуу сын пикирин Терек-Сай айыл өкмөтүнүн жетекчилигине билдирип, жеткирүүчүлөрдү чукул арада сапатсыз инвентарды нормага жооп бергенине алмаштырууну сунушташты. Жетекчилик сын пикирге кулак салды. Көп өтпөй окуя кайрадан кайталанды. Бирок бул жолу эмеректерди, музыкалык аспаптарды жана кеңсе техникасын жеткирүүгө байланыштуу болду. Мониторинг тобу кемчиликтерди санап берүү менен кайрадан принципиалдуулугун жана өжөрдүгүн көрсөттү.

БМжБ тобунун жетекчиси К.Баимбековдун айтымында, сатып алууларга жана жеткирүүлөргө мониторинг жүргүзүү өтө кыйын. Дээрлик ар бир сомду эсептөөгө туура келет: "Биз ак ниеттүү эмес жеткирүүчүлөр менен алышып, алардыкы туура эмес экенин далилдеп жаттык. Өз дарегибизге тил сөз угуп, атүгүл коркутуп-үркүтүүлөргө да кабылдык. Биз түшүнүп турабыз, жеткирүүчүлөрдү өз милдеттенмелерин тиешелүү көлөмдө жана талап кылынган сапатта аткарууга мажбурлоо айыл өкмөтүнүн жалгыз колунан келе бербейт. Ошондуктан сатып алуулар процессинде биздин катышуубуз өтө пайдалуу болду".

Сөз жердештердин кызыкчылыктарын коргоо тууралуу болгондо Баимбековдун тобу айтканынан кайтпайт. Эгерде алар башкаларды алар менен эсептешүүгө, урматтоого жана топтун мүчөлөрүнүн пикирине кулак төшөөгө көндүрө алса, анда башкалар да муну жасай алат. Ошондуктан башкаларга да өз кызыкчылыктарын коргоодо терексайлыктардын тажрыйбасы тууралуу айтып берүү зарыл.

**Лариса ЛИ**

[1] Швейцария Өкмөтү каржылаган ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунан гранттык колдоо алган.

# 2-тиркеме. Кимдин чөбү жашылыраак? Кызмат көрсөтүүгө жүргүзүлгөн мониторингдин жыйынтыктары

*«Муниципалитет» журналы, июнь – июль, 2013-ж.*

***Бизге кошунабыздын короосундагы чөп жашылыраактай туюла берет жана "эмне үчүн?" деген суроого жооп таппай эле кыйнала беребиз. Иш жүзүндө чындык жөнөкөй эле – биздин кошунабыз болгону өз короосуна жакшыраак кам көрөт. Муниципалитеттин жашоосу да ушул өңдүү эле: эгерде айылда тартип жана тазалык болсо, анда жамаат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тартипти жана тазалыкты сактаганга аракет кылышат. Соңунда бул жарандардын саламаттыгы жана коопсуздугу үчүн кам көрүү дегенди билдирет. Бирок жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын таштанды жыйноого карата аракеттерине кантип баа берсе болот? Муниципалитет жакшы иштеп жатабы же жокпу – кантип түшүнсө болот? Анткени бул маанилүү да – жамаат өз баасын берет, ал эми жергиликтүү кеңештин депутаттары айыл өкмөт башчысы мындан ары да кызматын ээлөөгө татыктуубу жана өз милдеттерин жакшы аткарып жатабы дегенди чечет. Таштанды чогултуу жана чыгаруу боюнча кызмат көрсөтүүлөрдүн деңгээлин тургундар кандай баалап жатканын билүү үчүн Ысык-Көл облусундагы Төрт-Күл айылдык аймагы калк арасында сурамжылоо жүргүзүү жолу менен коомдук пикирди изилдеп чыкты.***


Сурамжылоону 2013-жылдын июнь айында Төрт-Күл айылдык аймагынын Биргелешкен мониторинг жана баалоо тобу өткөрдү. Бул топтун максаты – биргелешкен мониторинг жана баалоо жүргүзүү жолу менен кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатын жакшыртууда жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына көмөктөшүү. Эмне үчүн сурамжылоону айыл өкмөтүнүн кызматкерлери эмес, Биргелешкен мониторинг жана баалоо тобу жүргүздү? Анткени топтун баасы кызмат көрсөткөндөргө, жергиликтүү кеңештин депутаттарына салыштырмалуу көбүрөөк объективдүү болмокчу жана жамаат да топтун баасына бир кыйла ишеним артат.

Айыл тургундарынын баарын кабардар кылуу үчүн иш-чараны жогорку деңгээлде өткөрүүнү чечишти. Андыктан ЭҮЖӨБОЖ Долбоору БМжБ тобуна "форма" – жазуусу бар жеңи кыска көйнөк сатып алууга жардам берди. Мындай көйнөк кийген топтун мүчөлөрү алыстан эле көрүнүп турду.


Баалоонун суроолору маанилүү болуп эсептелет: биз кимден сурайбыз? биздин максаттуу аудиториябыз ким? Сөз таштанды чогултуу жөнүндө жүрүп жатканда максаттуу аудиторияга айылдын ар бир




**1-диаграмма. Сиздин айылдагы тазалыктын деңгээлине кандай баа бересиз?**




**2-диаграмма. Өткөн (2012) жылга салыштырмалуу санитардык абалды салыштыруу**




**3-диаграмма. «Таштанды чыгаруу үчүн акы төлөйсүзбү?» деген суроого жооптор**




тургуну кирет, анткени таштанды – жынысына жана макамына карабастан бардыгынын душманы. Анткен менен жаш курак да мааниге ээ. Анткени бала кайсы учурда айыл таза эле, ал эми качантадан баштап өзгөрүүлөрдү байкадың деген суроолорго дайыма эле объективдүү жооп кайтара албайт. Андыктан муниципалитеттин чегинде айылдар боюнча ылгап алууну бөлүштүрүү муниципалитетте жашаган улуулардын санынан пропорционалдуу жүргүзүлдү.

Сурамжылоо күндүз жана кечке жуук жашы 18ден 75ке чейин 150 адамдын арасында жүргүзүлдү, алардын арасында аялдар 68 (46%), эркектер 79 (54%) болду.

Сурамжылоонун натыйжалары көрсөткөндөй, тургундардын көпчүлүгү – 80 пайыздан ашыгы – өз аймагын таза же салыштырмалуу таза деп эсептешет экен (5% - өтө таза, 40% - таза, 39% - салыштырмалуу таза). Анткен менен сурамжылоого катышкандардын 13% аймак булганыч деп эсептейт (1-диаграмманы караңыз).

Өткөн жылга салыштырмалуу муниципалитеттердин тургундарынын пикирлери экиге бөлүнгөн: респонденттердин жарымы таза болуп калды деп эсептесе, 26% бир кыйла таза болуп калды дешет. Болжол менен ар бир бешинчи тургун тазалык жаатында эч нерсе өзгөргөн жок деген пикирде жана 3% жакыны өткөн жылга салыштырмалуу булгана түштү дешет (2-диаграмманы караңыз).

Ошону менен катар жашы өткөн сайын адамдар оң жылыштарды көбүрөөк байкашкан. Айталы, 55 жаштан жогору респонденттердин 36% ашыгы муниципалитет таза деп эсептесе, 55 жаштан жогору респонденттердин 37% муниципалитет салыштырмалуу таза дешет.

Таштанды чыгаруунун графигине карата пикирлер карама-каршылыктуу болду, таштанды расмий түрдө айына бир жолу чыгарылыш керек болгону менен сурамжылоого катышкандардын жооптору түрдүү болду. Айталы, респонденттердин 1% таштанды аптасына 2-3 жолу чыгарылат десе, 3% - аптасына бир жолу, 11% 2 аптада 1 жолу, 45% - айына 1 жолу, 15% респондент – ар бир квартал сайын, 3% - жарым жылда бир жолу дешкен. Мындан улам көпчүлүк муниципалитет расмий графикти сактап жаткан фактыны тастыктап жатат деген тыянак жасаса болот.


Таштанды чыгаруу боюнча кызмат көрсөтүүнүн сапаты ошону менен катар калк бул кызмат көрсөтүүгө акыны төлөгөнүнө да көз каранды болгонун эсепке алыш керек. Көрсө, сурамжылоого катышкандардын 60% гана акы төлөйт экен, 28% болсо таштанды чыгаруу үчүн такыр акы төлөбөгөнүн айтышты (3-диаграмманы караңыз).

Төлөбөгөнүнүн себебин сураганда, Төрт-Күлдүн тургундары алардын негизгиси – жеке каржылык кыйынчылыктар (16%), төлөөнүн формасы ыңгайсыз жана кызмат көрсөтүүгө канааттанбоо (ар бири 8 пайыздан) деп жооп кайтарышкан (4-диаграмманы караңыз).


Жалпысынан Төрт-Күл айылдык аймагынын тургундары алардын жеке позициясынан айыл турмушунда, өзгөчө тазалыкты сактоо жаатында көп нерсе көз каранды болгонун баамдашат. Респонденттердин жоопторуна ылайык, жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүдө жарандык активдүүлүк өсүүдө. Ай-

© Өнүктүрүү саясат институту | 2015 | www.dpi.kg

**4-диаграмма. Таштанды чыгаруу үчүн акы төлөбөөнүн себептери**




**5-диаграмма. Тазалыкты камсыздоого жарандардын катышуусунун ыңгайлуу формалары**




талы, жарандардын басымдуу бөлүгү кызмат көрсөтүү үчүн акыны өз убагында төлөп, ишембиликтерди өткөрүп туруш керек деп эсептешет (5-диаграмманы караңыз).

Сурамжылоонун натыйжалары муниципалитеттин калкы үчүн жарыяланат. Мындай сурамжылоолорду ЭУЖӨБОЖ Долбоору тарабынан колдоонун алкагында Жалал-Абад жана Ысык-Көл облустарынын башка дагы пилоттук айылдык аймактары өткөрмөкчү. Бул муниципалитеттерге төмөнкү тапшырмаларды чечүүгө жардам берет:

- көрсөтүлгөн тиги же бул кызматтын сапатына карата жылышты баалоого;
- бул кызматты көрсөтүү чөйрөсүндө көйгөйлөрдү аныктоого;
- өз отчетторун калктын пикири менен бекемдөөгө;
- жергиликтүү кеңештин депутаттарынын алдында өз жетишкендиктерин жана чыныгы натыйжаларын көрсөтүү.

**Рахат ТАЛКАНБАЕВА**



# 3-тиркеме. Бостери айылдык аймагындагы БМжБ тобу жана Бюджет айкындуулугунун муниципалдык индекси

2014-жылы Ысык-Көл районунун Бостери муниципалитетинде биргелешкен мониторинг жана баалоо тобунун күчү менен калк үчүн бюджеттик маалыматтын жеткиликтүүлүгүн баалоо жана жарандардын бюджеттик процесске катышуусу, ошондой эле жарандардын керектөөлөрүн канааттандыруу үчүн кызмат көрсөтүүлөр менен камсыздоо боюнча ЖӨБ органдарынын жана муниципалдык мекемелердин ишмердигин баалоо боюнча иш-чаралар өткөрүлдү.

Өнүктүрүү саясат институту Бостери ААнын БМжБ тобун Бюджет айкындуулугунун муниципалдык индексин эсептөө үчүн даярдады. Алдыга милдет коюлду – жарандар арасында маалыматты жайылтуунун ЖӨБО колдонгон ыкмаларын жана бул ишмердиктин эффективдүүлүгүн ай сайын баалап туруу. Ошону менен бирге берилген маалыматтардын курамын, толуктугун жана сапатын эске алуу керек эле. Жарандардын бюджеттик процесске катышуу деңгээлине дагы көңүл буруу маанилүү болчу. Мындан тышкары анкетанын жардамы менен ЖӨБОнун калкка көрсөтчү кызмат көрсөтүүлөрүнүн сапатын; кызмат көрсөтүү мөөнөтүнө канааттанууну; жарандардын кызмат көрсөтүүлөр тууралуу маалымдуулук даражасын; кызмат көрсөтүүлөрдү жеткирүүчүлөрдүн ишинин сапатын; керектөөчүлөр үчүн кызмат көрсөтүүнүн финансылык жеткиликтүүлүгүн; кызмат көрсөтүүнүн физикалык жеткиликтүүлүгүн баалоо зарыл болчу.



ӨСИнин консультанттары биринчи кезекте БМжБ тобунун мүчөлөрүн, АӨ кызматкерлерин жана АК депутаттарын кызмат көрсөтүүлөрдү жана бюджеттин айкындуулугун баалоо методологиясына окутушту. Тренингге 24 киши катышты, алардын ичинен 14ү – аялдар. Тренингдин катышуучулары өзгөчө көңүлдү жергиликтүү деңгээлде кызмат көрсөтүүлөрдү баалоо методикасына бурушту. Себеби, катышуучулардын баамында, дал ушул анкета жүргүзүү баалоонун аспабы катары тең салмактуу баа бере алат. Ошону менен бирге айыл тургундарын айылдардын участоктору боюнча тегиз камтыйт. Ошондой эле катышуучулар анкета жүргүзүү үчүн убакыт, финансы, адам эмгеги өңдүү көп ресурстарды сарптоо зарыл эместигин белгилешти. Ошондой эле тренингдин жүрүшүндө бул аспапты кийинки жылдары башка кызмат көрсөтүүлөрдү жана башка багыттар боюнча аныктоо жана баалоо үчүн колдонуу маселеси талкууланды.

Окуудан өткөндөн кийин БМжБ тобу өзүнүн иш планын түзүп, ар бир айдын соңунда баллдарды берүү үчүн буга чейин түзүлгөн форма боюнча бюджет айкындуулугунун муниципалдык индексин баалай баштады. Формада төмөнкүлөр көрсөтүлдү: эмнени, кантип, качан баалаш керек, ошондой эле тигил же бул учурларда кандай баллдарды коюш керек. АӨнүн маалыматтык керегелеринде жана сайтында бюджеттик маалыматтын болуп-болбогонуна көз салуу процессине БМжБ тобунун мүчөлөрү олуттуу мамиле жасашты. Материалдарды кылдат иликтеп чыгып, БМжБ тобунун отурумдарында өз ара талкуулап жатышты. Кырдаалды жакшыртуу үчүн ЖӨБОнун өкүлдөрү менен туруктуу негизде алынган маалыматты берип турушту.

Окуу маалында БМжБ тобу жергиликтүү маанидеги маселелердин ичинен баалоо үчүн төрт кызмат көрсөтүүнү тандап алуу максатында өзүнүн жумушчу отурумун өткөрүп алды. Айталы, Бостери айылдык аймагында төмөнкүдөй кызмат көрсөтүүлөр тандалып алынды: таза суу менен камсыздоо, таштандыны жыйноону жана чыгарууну уюштуруу, ички жолдорду оңдоо жана аймакты көрктөндүрүү. Анкета эки этап менен жүргүзүлдү: биринчиси – май-июнь айларында, экинчиси – ноябрь-декабрь айларында. Жалпысынан ага 300 киши катышты. Алынган жыйынтыктар менен жамааттын мүчөлөрүн элеттик чогулуштарда, ошондой эле АК сессиясында тааныштырышты.

Алгач ЖӨБО кызмат көрсөтүүнү жана бюджет айкындуулугун баалоонун маанисин түшүнбөй келди. Атүгүл БМжБ тобун коомдук пикирди козгогон "эл душманы" катары кабыл алышты. Пикир келишпестиктер, түшүнбөстүктөр, таарынычтар болду. Бирок кырдаал БМжБ тобунун кеңейтилген отурумунан кийин өзгөрдү. Ал отурумда БМжБ тобунун ишинин алгачкы жыйынтыктары пайда болду. Бул жыйынтыктар АӨ аппараты жана муниципалдык мекемелер үчүн да, депутаттык корпус үчүн да ой жүгүртүүгө жем таштады. Ошол жыйынтыктар ЖӨБОго болочок иш пландарына түзөтүүлөрдү киргизип, жергиликтүү бюджетти түзүүдө эсепке алып, маалыматтык алмашуу боюнча жамаат мүчөлөрү менен иш планын түзүүгө жардам берди. Маалыматтын кошумча булагы үчүн Бостери ААнын өкүлдөрү маалымат бюллетенин чыгара баштады. БМжБ тобунун бул ишинин натыйжасы боюнча, процесстин катышуучуларынын пикири боюнча, пайдага бардык тараптар ээ болду. БМжБ тобунун төрагасы Исмаилов К. буларды белгиледи: "Анкета жүргүзүүнү коомчулуктун пикирин чогултуу үчүн аспап катары жайылтуу зарыл. Анын үстүнө бул олуттуу ресурстарды деле талап кылбайт экен". Бостери айылынын тургуну Усубалиев Э. буларды белгиледи: "Айыл жашоочулары жергиликтүү бюджет жөнүндө маалыматты көбүрөөк ала баштады. Керегелерде дайыма жеткиликтүү маалыматтар жайгаштырылып турат".

**Лариса ЛИ**

## 4-тиркеме. Артыкчылыктуу көйгөйлөрдү чечүү боюнча жамааттын жана ЖӨБ органдарынын Биргелешкен аракеттер планынын ишке ашырылышына мониторинг жүргүзүү тууралуу БМжБ тобунун отчетунун форматы

| БАПты ишке ашырууга мониторинг | | | |
|---|---|---|---|
| ААнын аталышы | | | |
| Мониторинг жүргүзүлгөн күн | ____күнү______________айы | | |
| Мониторингдин саны | 1 | 2 | 3 |
| **БАПка жүргүзүлгөн мониторингди даярдоо жана ал боюнча отчет берүү үчүн БМжБ тобунун жооптуу мүчөсү** | | | |
| Аты-жөнү | | | |
| Кызматы | | | |
| Байланыш үчүн маалыматтар | | | |
| План иштелип чыккан күн | | | |
| БАПты ким бекиткен | | | |
| БАП бекитилген күн | ___күнү________айы | | |

| № | БАП боюнча тапшырмалар/ артыкчылыктардын саны | Артыкчылыктар боюнча БАП иш-чаралары | Артыкчылыктар боюнча БАПтын алынган жыйынтыктары | Пайда алган бенефициарлар: түз жана кыйыр | Жергиликтүү жамааттын, ЖӨБОнун, башкалардын артыкчылыктар боюнча салымы | Тараптардын катышуусу | Комментарийлер |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Артыкчылыктардын баары ----- | | | | | | | |
| | 1-артыкчылык | | | | | | |
| | | | | | | | |
| | 2-артыкчылык | | | | | | |
| | | | | | | | |
| | 3-артыкчылык | | | | | | |
| | | | | | | | |
| | | | | | | | |

# 5-тиркеме. Маалымат керегелеринде орун алган маалыматка мониторинг жүргүзүү тууралуу БМжБ тобунун отчетунун форматы

| Маалымдоого мониторинг | | | | |
|---|---|---|---|---|
| ААнын аталышы | | | | |
| Мониторинг жүргүзүлгөн күн | ____күнү______________айы ____жылы | | | |
| Мониторингдин саны | 1 | 2 | 3 | 4 |
| Маалымдоого жүргүзүлгөн мониторингди даярдоо жана ал боюнча отчет берүү үчүн БМжБ тобунун жооптуу мүчөсү | | | | |
| Аты-жөнү | | | | |
| Кызматы | | | | |
| Байланыш үчүн маалыматтар | | | | |

| № | Маалыматтын аталышы | Маалыматтын бар же жок болгону | | Комментарийлер |
|---|---|---|---|---|
| 1 | АӨдө маалымат керегелердин болушу | 1. ооба | 2. жок | |
| 2 | Кабыл алынган жергиликтүү бюджет тууралуу маалымат | 1. ооба | 2. жок | |
| 3 | АӨнүн бюджети кыскача сүрөттөлгөн маалымат | 1. ооба | 2. жок | |
| 4 | АӨнүн бюджетине өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу маалымат | 1. ооба | 2. жок | |
| 5 | Өткөн жыл үчүн бюджеттин аткарылышы тууралуу отчет | 1. ооба | 2. жок | |
| 6 | Мамсатып алуулар тууралуу маалымат | 1. ооба | 2. жок | |
| 7 | Тендердик комиссиялардын чечимдери тууралуу маалымат | 1. ооба | 2. жок | |
| 8 | Жергиликтүү салыктардын коюмдары тууралуу маалымат | 1. ооба | 2. жок | |
| 9 | АӨнүн иш планы тууралуу маалымат | 1. ооба | 2. жок | |
| 10 | АӨнүн өткөн жыл үчүн ишинин отчету | 1. ооба | 2. жок | |
| 11 | АӨ кабыл алган чечимдер тууралуу маалымат | 1. ооба | 2. жок | |
| 12 | Жергиликтүү кеңештин иш планы тууралуу маалымат | 1. ооба | 2. жок | |
| 13 | Жергиликтүү кеңештин сессияларында кабыл алынган чечимдер тууралуу маалымат | 1. ооба | 2. жок | |
| 14 | Өнүктүрүү пландары тууралуу маалымат (БАП, стратегиялык пландар, аймакты өнүктүрүү пландары ж.б.) | 1. ооба | 2. жок | |
| 15 | Донорлор, инвесторлор, ишке ашырылып жаткан долбоорлор тууралуу маалымат | 1. ооба | 2. жок | |
| 16 | Муниципалдык менчиктин реестри тууралуу маалымат | 1. ооба | 2. жок | |
| 17 | Контролдоочу органдар жана/же жергиликтүү кеңештин депутаттары тарабынан жүргүзүлгөн текшерүүлөр, аудиттер тууралуу маалымат | 1. ооба | 2. жок | |

# 6-тиркеме. Гранттык долбоорду ишке ашыруу тууралуу БМжБ тобунун отчетунун форматы

| Гранттык программанын ишке ашырылуусуна мониторинг | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| ААнын аталышы | | | | | | |
| Мониторинг жүргүзүлгөн күн | ____күнү_____айы ____жылы | | | | | |
| Мониторингдин саны | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 |
| **Гранттык программага мониторингди даярдоо жана ал боюнча отчет берүү үчүн БМжБ тобунун жоопту мүчөсү** | | | | | | |
| Аты-жөнү | | | | | | |
| Кызматы | | | | | | |
| Байланыш үчүн маалыматтар | | | | | | |

| № | Чакан долбоордун аталышы | Аталган чакан долбоор боюнча гранттын жалпы суммасы | ______________________гранты боюнча чакан долбоор: Чакан долбоор башталган күн | | Чакан долбоор аяктары пландалган күн | | Сатып алуулардын бюджети | | Чакан долбоорго мониторинг жана баалоо жүргүзүү | | | Чакан долбоордун бенефициарлары | | | | | эгерде грантты өздөштүрүүгө байланыштуу маселе жаралса, анын себептери көрсөтүлсүн (мисалы, грант убагында которулган эмес, тендердик, сатып алуучу, келишимдик процесстердин бузулушу ж.б.) |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | ЧД башталышы пландалган күн | ЧД иш жүзүндө башталган күн | ЧД аяктары пландалган күн | ЧД иш жүзүндө аяктаган күн | Сатып алуулар үчүн пландалган сумма | Сатып алуулар үчүн иш жүзүндөгү сумма | БМжБны өткөрүүнүн иш жүзүндөгү күнү | Аткарылган иштердин иш жүзүндөгү көлөмү, % менен | Иштин натыйжасы боюнча БМжБнын иш жүзүндө өткөрүлчү күнү | түзүлгөн жумуш орундарынын саны | түз | кыйыр | ЧДны кабыл алуунун МамАктысынын иш жүзүндөгү датасы | ЧДны ААнын балансына өткөрүп берүү күн | |
| 1 | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| | | | | | | | | | | | | | | | | | |

# 7-тиркеме.
# Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун деңгээлинде чогултулган типтүү индикаторлор

| № | Жыйынтыктардын индикаторлору | Ким чогултат | Кантип чогултат |
|---|---|---|---|
| 1 | Жергиликтүү деңгээлде чечим кабыл алууга катышкан жарандардын саны (аялдарды, азчылыктарды кошкондо) | Чогулуштардын протоколдору | |
| 2 | ЖӨБО менен жарандардын өз ара аракетинин натыйжасында аныкталган жана артыкчылыктуусу тандалып алынган демилгелердин саны | | |
| 3 | Жергиликтүү деңгээлде кызмат көрсөтүүнүн жакшыруусун документтештирген БМжБ топторунун % | | |
| 4 | Жарандардын ЖӨБго, анын ичинде бюджеттик процесске катышууга окутулган жарандык коом уюмдарынын, жергиликтүү жамаат өкүлдөрүнүн саны | | |
| 5 | Жергиликтүү жамаат, жарандык коом уюмдары жергиликтүү бюджетке киргизген сунуштардын саны | | |
| 6 | ЖӨБОнун ишине мониторинг жана баалоо жүргүзүү маселелери боюнча окуудан өткөн жарандык коом уюмдарынын, жергиликтүү жамаат өкүлдөрүнүн саны | | |
| 7 | Жарандык коом уюмдары, жергиликтүү жамаат тарабынан ЖӨБОнун ишине жүргүзгөн баалоонун саны | | |
| 8 | ЖӨБОнун ишине баалоо жүргүзүү үчүн жергиликтүү ченемдик алкактар белгиленген муниципалитеттердин саны | | |
| 9 | Жарандардын бюджеттик процесске катышуу моделин колдонгон муниципалитеттердин саны | | |
| 10 | Бюджет айкындуулугунун муниципалдык индексинин мааниси (балл) | | |
| 11 | Жарандардын сунушу боюнча жергиликтүү бюджетке киргизилген жана жергиликтүү кеңештер бекиткен сунуштардын саны | | |
| 12 | Жергиликтүү ЧУАда жарандардын бюджеттик процесске катышуу механизмдери бекитилген муниципалитеттердин саны | | |
| 13 | Жарандарды бюджеттик процесске тартуу боюнча өткөрүлгөн иш-чаралардын саны | | |
| 14 | Жарандарды чечим кабыл алуу процессине тартуунун 3төн ашык аспабын колдонгон муниципалитеттердин саны | | |
| 15 | Окуудан өткөн ЖӨБО өкүлдөрүнүн саны | | |
| 16 | ЖӨБО өкүлдөрү арасында билим деңгээли жогорулагандардын % | | |
| 17 | Жергиликтүү жамааттын артыкчылыктарына негизделген, ишке ашырылган долбоорлордун саны | | |
| 18 | Жергиликтүү жамааттын артыкчылыктарына негизделген, ишке ашырылган долбоорлордун бенефициарларынын саны | | |

# 8-тиркеме. Ысык-Көл облусунун Ак-Суу районундагы Октябрь айылдык аймагынын «Бактылуу балалык» долбоору (эки айыл үчүн бала бакчанын толук кандуу ишине шарттарды түзүп берүү) боюнча биргелешкен мониторинг жана баалоо планынын мисалы

| № | Эмнеге мониторинг жүргүзүлүп, бааланат? | Маалымат булактары | Мониторинг жана баалоонун усулдары | Мөөнөттөр жана жооптуу адамдар | БМжБ өткөрүлгөнүн тастыктаган документтер, материалдар |
|---|---|---|---|---|---|
| 1. | Өткөрүлгөн тендерлердин жыйынтыктары | Тендердик табыштамаларды ачуу протоколу, Сатып алуулар жол-жоболорунун протоколу, Жеткирүүчүлөрдүн тендердик табыштамалары | Документтер менен иш алып баруу | Б. Сыргабаева | Акт же БМжБ тобунун протоколу |
| 2. | Сатып алынчу жабдуунун сапаты жана долбоордун бюджетине шайкештиги | Келишим, кабыл алуу-өткөрүп берүү актысы | Текшерүү сапары, документтер менен иш алып баруу | А. Иманкулов | Сүрөттөр, актылар, эсеп-фактуралар, дүмүрчөктөр, тендердик комиссиянын документтери, БМжБ тобунун Актысы же Протоколу |
| 3. | Балдардын тамактануусу | Ата-энелер, балдар, Күнүмдүк меню | Ата-энелер, балдар, камкорчулар кеңеши арасында сурамжылоо | Э. Ирсалиева | Анкеталар, сүрөттөр, камкорчулар кеңешинин протоколдору, Сурамжылоонун жыйынтыктары, БМжБ тобунун Актысы же Протоколу |
| 4. | Бала бакчанын ишине канааттануу | Эки айылдын калкы | Ата-энелер арасында сурамжылоо | Б. Сыргабаева, Э. Жылкыбаев | Анкеталар, демилгелүү топтун жолугушууларынын протоколдору, Сурамжылоонун жыйынтыктары, сүрөттөр |
| 5. | Балдардын бала бакчага баруусу | Топтор боюнча келүү журналы | Документтер менен иш алып баруу | Б. Сыргабаева, К. Усенов | Балдардын тизмеси, БМжБ тобунун Актысы же Протоколу, Сүрөттөр. |

# 9-тиркеме. Биргелешкен мониторинг жана баалоо тобунун ишинин жыйынтыгы боюнча актынын мисалы

2014-жылдын 20-декабры
Айылдын аталышы Үч-Кайнар, Октябрь АА, Ак-Суу району, Ысык-Көл облусу.
Долбоордун аталышы: «Бактылуу балалык».
Башталган күнү: 2014-жылдын майы Аяктары пландалган күн: 2014-жылдын октябры.

**Долбоор боюнча маалымат**

| Салымдар | Сом | % менен | | |
|---|---|---|---|---|
| Долбоордун жалпы баасы (сом) | 1271000 | 100% | | |
| *Алардын ичинен* | | | | |
| Долбоордун салымы (сом) | 1000000 | % | | |
| АӨ салымы | 125000 | % | | |
| Жамааттын салымы | 146000 | % | | |
| Салымдар (башкалар) | - | % | | |
| Отчеттук мезгилде каражаттардын өздөштүрүлүшү | 100 | % | | |
| Башталышы | Пландалган күн | | 05.14 | |
| | Иш жүзүндөгү күн | | 05.14 | |
| Аякташы | Пландалган күн | | 10.14 | |
| | Иш жүзүндөгү күн | | 12.14 | |
| Долбоордун Бенефициарлары (кишилердин саны) | Түз | | 180 | |
| | алардын ичинен аялдар | | | |
| | Кыйыр | | 2193 | |
| | Алардын ичинен аялдар | | 1423 | |
| **БМжБТ өткөрүү учурунда долбоордун аякташынын пайызы (% менен)** | | | 95% | |

БМжБ тобунун курамы: 5 киши, алардын ичинен аялдар: 2

| № | Аты-жөнү | Кызматы | Байланыш үчүн маалыматтар |
|---|---|---|---|
| 1 | Сыргабаева Б. | Топтун төрагасы | |
| 2 | Ирсалиева Э. | Топтун мүчөсү | |
| 3 | Иманкулов А. | Топтун мүчөсү | |
| 4 | Жылкыбаев Э. | Топтун мүчөсү | |
| 5 | Усенов К. | Топтун мүчөсү | |

Жүргүзүлгөн мониторингдин жыйынтыктары боюнча БМжБ тобунун сунуштамалары:
_____ *(зарыл болсо толтуруш керек)* _______________________.
БМжБ тобу долбоор боюнча сатып алынган төм. товарларды жана жабдууларды карап чыкты:

- 15 000 сомго 1 телевизор.
- 1500 сомго 1 тараза
- 2500 сомго 1 ДВД
- 6 000 сомго 2 асма шам.
- БААРЫ: 25 000 сом.

Сатып алынган товарлар жана жабдуулар сапатына жана баасына шайкеш келет. Айыл өкмөтүнө жогоруда аталган товарларды жана жабдууларды муниципалдык менчиктин балансына кабыл алуу сунушталды.

Топтун төрагасы: Б. Сыргабаева ________________
Топтун мүчөсү: Э. Ирсалиева ________________
А. Иманкулов ________________
Э. Жылкыбаев ________________
К. Усенов ________________

# 10-тиркеме. Окуу китебине тиркелген дискте жазылган электрондук документтердин тизмеси

## «Окуу китеби» папкасы

1. Жергиликтүү жамааттын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишмердигине пландуу мониторинг жана үзгүлтүксүз баалоо жүргүзүүсү / Практикалык окуу китеби / «Жарандардын Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкарууга катышуусу» окуу материалдарынын топтому. Төртүнчү бөлүк. / Ч. Биялиева, С. Майрамбеков, Н. Добрецова. – Б.: Өнүктүрүү саясат институту, 2015. – 40 б.

2. **Плановый мониторинг и регулярная оценка деятельности органов местного самоуправления со стороны местных сообществ / Практическое пособие / Комплекс учебных материалов «Участие граждан в местном самоуправлении Кыргызской Республики». Часть четвертая. / Ч. Биялиева, М. Орозбаев, С. Майрамбеков, Н. Добрецова. – Б.: Институт политики развития, 2015. – 40 с.**

## «ЖӨБ жөнүндө мыйзам чыгаруу» папкасы

1. **«Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамы, Бишкек шаары, 2011-жылдын 15-июлу, № 101.**
2. Закон Кыргызской Республики «О местном самоуправлении», г.Бишкек, от 15 июля 2011 года, № 101.
3. **«Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамы, Бишкек ш., 2011-жылдын, 14-июлу № 98.**
4. Закон Кыргызской Республики «О выборах депутатов местных кенешей», г.Бишкек, от 14 июля 2011 года, № 98.
5. **«Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамы 2014-жылдын, 17-июлу № 139.**
6. Закон Кыргызской Республики «О государственных и муниципальных услугах» от 17 июля 2014 года, № 139.
7. **«Муниципалдык кызмат жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамы, Бишкек шаары, 2004-жылдын 21-августу, № 165.**
8. Закон Кыргызской Республики «О муниципальной службе», г.Бишкек, от 21 августа 2004 года, № 165.
9. **«Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамы. Бишкек шаары, 2002-жылдын 15-марты, № 37.**
10. Закон Кыргызской Республики «О муниципальной собственности на имущество», г.Бишкек, от 15 марта 2002 года, № 37.
11. **«Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына айрым мамлекеттик ыйгарым укуктарды берүүнүн тартиби жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамы, Бишкек шаары, 2013-жылдын 9-июлу, № 127.**
12. Закон Кыргызской Республики «О порядке делегирования органам местного самоуправления отдельных государственных полномочий», г.Бишкек, от 9 июля 2013 года, № 127.
13. **«Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамы, Бишкек шаары, 2000-жылдын 13-январы, № 3.**
14. Закон Кыргызской Республики «О статусе депутатов местных кенешей», г.Бишкек, от 13 января 2000 года, № 3.
15. **«Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун финансы-экономикалык негиздери жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамы, Бишкек шаары, 2003-жылдын 25-сентябры, № 215.**
16. Закон Кыргызской Республики «О финансово-экономических основах местного самоуправления», г.Бишкек, от 25 сентября 2003 года, № 215.
17. **«Кыргыз Республикасындагы бюджеттик укуктун негизги принциптери жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамы Бишкек шаары, 1998-жылдын 11-июну, № 78**
18. Закон Кыргызской Республики «Об основных принципах бюджетного права в Кыргызской Республике», г.Бишкек, от 11 июня 1998 года, № 78.

19. **«Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарынын карамагында турган маалыматтарга жетүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамы 2006-жылдын 28-декабры, № 213.**
20. Закон Кыргызской Республики «О доступе к информации, находящейся в ведении государственных органов и органов местного самоуправления Кыргызской Республики», от 28 декабря 2006 года, № 213.
21. **«Жарандардын кайрылууларын кароо тартиби жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамы Бишкек шаары, 2007-жылдын 4-майы, № 67.**
22. Закон Кыргызской Республики «О порядке рассмотрения обращений граждан», г.Бишкек, от 4 мая 2007 года, № 67.
23. **Берилген айрым мамлекеттик ыйгарым укуктарды ишке ашыруу үчүн республикалык бюджеттен жергиликтүү бюджеттерге берилүүчү трансферттердин көлөмүн эсептөөнүн убактылуу методикасын бекитүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтому, Бишкек шаары, 2014-жылдын 19-декабры, № 715.**
24. Постановление Правительства Кыргызской Республики «Об утверждении Временной методики расчета объема трансфертов, предоставляемых местным бюджетам из республиканского бюджета для осуществления отдельных делегированных государственных полномочий», г.Бишкек, от 19 декабря 2014 года, № 715.
25. **Токтом Постановление от 21 апреля, 2015 года, № 230 (на русском и кыргызском языках)**
26. **«Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишинин натыйжалуулугун баалоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтому, Бишкек шаары, 2012-жылдын 17-февралы, № 105.**
27. Постановление Правительства Кыргызской Республики «Об оценке эффективности деятельности государственных органов исполнительной власти и органов местного самоуправления Кыргызской Республики», г.Бишкек, от 17 февраля 2012 года, № 105.
28. **«Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына айрым мамлекеттик ыйгарым укуктарды берүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Токтому, Бишкек шаары, 2014-жылдын 17-марты, № 145.**
29. Постановление Правительства Кыргызской Республики «О делегировании органам местного самоуправления отдельных государственных полномочий», г.Бишкек, от 17 марта 2014 года, № 145.
30. **Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтому «Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан көрсөтүлүүчү муниципалдык кызматтардын базалык реестрин бекитүү жөнүндө» Бишкек шаары, 2015-жылдын 14-январы, № 6.**
31. Постановление Правительства Кыргызской Республики «Об утверждении Базового реестра муниципальных услуг, предоставляемых органами местного самоуправления Кыргызской Республики», г.Бишкек, от 14 января 2015 года, № 6.
32. **«Кыргыз Республикасындагы администрациялык-аймактык реформанын концепциясы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Токтому, Бишкек шаары, 2012-жылдын 23-марты, № 198.**
33. Постановление Правительства Кыргызской Республики «О мерах по оптимизации системы предоставления муниципальных услуг», г.Бишкек, от 3 июня 2014 года, № 302.
34. **Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Токтому «Муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр тутумун оптималдаштыруу боюнча чаралар жөнүндө» Бишкек шаары, 2014-жылдын 3-июну, № 302.**
35. Постановление Правительства Кыргызской Республики «О Концепции административно-территориальной реформы в Кыргызской Республике», г.Бишкек, от 23 марта 2012 года, № 198.
36. **«Кыргыз Республикасында жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүүнүн 2013-2017-жылдарга карата программасы жөнүндө» КЫРГЫЗ Республикасынын Өкмөтүнүн токтому, Бишкек шаары, 2013-жылдын 18-декабры, № 678.**
37. Постановление Правительства Кыргызской Республики «О Программе развития местного самоуправления Кыргызской Республики на 2013-2017 годы», г.Бишкек, от 18 декабря 2013 года, № 678.
38. **«Региондорду өнүктүрүү фонддорун түзүүнүн тартиби жөнүндө» типтүү жобону бекитүү тууралуу Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Токтому, Бишкек шаары, 2014-жылдын 10-ноябры, № 633.**

39. Постановление Правительства Кыргызской Республики «Об утверждении Типового положения о порядке формирования фондов развития регионов», г.Бишкек, от 10 ноября 2014 года, № 633.
40. **Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Токтому «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларын расмий жарыялоо булактары жөнүндө» 2010-жылдын 26-февралы, № 117**
41. Постановление Правительства Кыргызской Республики «Об источниках официального опубликования нормативных правовых актов Кыргызской Республики», от 26 февраля 2010 года, № 117.
42. **Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Токтому 2014-жылдын 11-августу № 463 Электрондук кайрылуулар интернет-порталы аркылуу келип түшкөн электрондук кайрылууларды кароо тартиби жөнүндө жобону бекитүү тууралуу.**
43. Постановление Правительства Кыргызской Республики от 11 августа 2014 года № 463 «Об утверждении положения о порядке рассмотрения электронных обращений, поступивших посредством интернет-портала электронных обращений».
44. **Айылдык кенештин Типтүү регламентин бекитүү тууралуу буйрук, 25 ноябрь, 2013 – ж., Бишкек ш., № 01-24/65.**
45. Приказ об утверждении Типового регламента айылного кенеша от 25 ноября, 2013 года, Бишкек, № 01-24/65.
46. **Жергиликтүү жамааттын Типтүү Уставын бекитүү тууралуу буйрук, 4 март, 2014-ж, Бишкек ш., №01-24/19.**
47. Приказ об утверждении Типового устава местного сообщества от 4 марта, 2014 года, г. Бишкек, №01-24/19.
48. **Айылдык кеңештин Типтүү Регламенти.**
49. Типовой Регламент айылного кенеша.
50. **Жергиликтүү жамааттын Уставын талкуулоо жана кабыл алуу боюнча Колдонмо.**
51. Руководство по обсуждению и принятию Устава местного сообщества.
52. **Айылдык аймактын жергиликтүү жамаатынын Типтүү уставы.**
53. Типовой Устав местного сообщества айылного аймака.

## «Мониторинг жана баалоо жөнүндө мыйзам чыгаруу (мыйзамдардан үзүндү)» папкасы

1. **«Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамы 2009-жылдын 20-июлу, № 241.**
2. Закон Кыргызской Республики «О нормативных правовых актах Кыргызской Республики», от 20 июля 2009 года, № 241.
3. **«Ишкердик ишти жөнгө салуунун ченемдик укуктук базасын оптималдаштыруу жөнүндө», Кыргыз Республикасынын мыйзамы 2008-жылдын 5-апрели, № 55.**
4. Закон Кыргызской Республики «Об оптимизации нормативной правовой базы регулирования предпринимательской деятельности», г.Бишкек, от 5 апреля 2008 года, № 55.
5. **«Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарынын карамагында турган маалыматтарга жетүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамы 2006-жылдын 28-декабры, № 213.**
6. Закон Кыргызской Республики «О доступе к информации, находящейся в ведении государственных органов и органов местного самоуправления Кыргызской Республики», г. Бишкек, от 28 декабря 2006 года, № 213
7. **«Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Регламенти жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамы 2011-жылдын 25-ноябры, N 223.**
8. Закон Кыргызской Республики «О Регламенте Жогорку Кенеша Кыргызской Республики», г.Бишкек, от 25 ноября 2011 года, № 223.
9. **«Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамы, Бишкек шаары, 2011-жылдын 15-июлу, № 101.**
10. Закон Кыргызской Республики «О местном самоуправлении», г.Бишкек, от 15 июля 2011 года, № 101.